Ислам Динин Жакшы Көрөм

1

Эсма Будак
Хуррем Йазыжы

ИСЛАМ ДИНИН ЖАКШЫ КӨРӨМ

- 1 -

Мазмуну

6 ДИНИБИЗДИ ҮЙРӨНӨБҮЗ

7 Бардык жакшы иштин башталышы – бисмилла

7 “Бисмиллахир-рахманир-рахийм”

8 Муну билесиңерби?

9 Кайсы туура?

10 Али бисмилла айтканды үйрөнгөндө

12 Бизди жараткан бирөө бар

13 Алла Тааланын эң сонун ысымдары

★ **Дин деген эмне?**

14 Диним – ислам

15 “Исламдын шарты” деген оюн

15 Алхамдулиллах, мусулманмын

★ **Тавхид келмеси**

16 Бейиштин ачкычы

17 Али менен Айша жарышканда

18 Ыймандуумун Бактылуумун

18 Ыйман келтирип мусулман болгон адам кандай болот?

★ **Ыйман деген эмне?**

19 Ыймандын шарттарын үйрөткөн дуба

20 Муну билесиңерби?

★ **Аллага ыйман келтирүү**

21 Бардык нерсени жараткан Алла Таала

22 Алла тааланы таанытkан сүрө

23 Али бүгүн эмнегедир капалуу

24 Алла Тааланын ысымдарын дагы жаттоого даярсыңарбы?

★ **Периштелерге ыйман келтирүү**

25 Периштелер

26 Келгиле, ойнойлу

★ **Китептерге ыйман келтирүү**

28 Бактылуу болууну үйрөткөн китептер

29 Төрт чоң китеп

30 Биздин китебибиз – кураны карим

★ **Пайгамбарларга ыйман келтирүү**

31 Чындыкты сүйүү жана сабырдуулук менен үйрөткөн пайгамбарлар

Мазмуну

Мына пайгамбарлар! 32
Сүйүктүү пайгамбарым 33
Пайгамбарыбызды баяндаган сүрө. 34
Айшанын кубанычы 35
Акыретке ыйман келтирүү ★
Бул дүйнөдөн кийинки түбөлүк жашоо 36
Коргоочу дубалар 37
Алинин балапаны 38
ДИНИБИЗДИ ҮЙРӨНӨБҮЗ 40
Баары ибадат кылышат 41
Ибадат кылып бейишке жакындайм ★
Келгиле, Алланын сонун ысымдарын айтып, Ага ыраазычылык билдирели. 42
Алинин сүйүнүчү 44
Алла аруу жана таза, Ал таза болгондорду жакшы көрөт. 45
Денем да таптаза 46
Эми эмне кылабыз? 47
Келгиле, биз да ойнойлу! 48
Намаз деген эмне? ★
Намаз менен жакшырам 49
"Эң бекем түркүк" деген оюн 50
Айша намаз окуй баштады 52
Намаз менен эң бийикке чыгабыз 54
Орозо деген эмне? ★
Бейиш достугу 55
Кана эмесе, орозону баштайлы! 56
Орозо менен күчтөнөбүз! 57
Орозо айы жана анын белектери 58
Берген сайын көбөйгөн ибадат 60
Зекет деген эмне? ★
Сүйүнчү 60
Көңүл бургула 61
Мен да зекет бергим келет 62
Бардык мусулмандар жолугушкан жер 64
Ажылык деген эмне? ★
Ажылык оюнун баштайбыз... 65
Баары бир жерде 66
Алгачкы курмандык кантип союлган? 68
Жардам сүрөсү 70

Мазмуну

71 БИЗ АДЕПТҮҮ БАЛДАРБЫЗ!

★ **Адеп-ахлак**

72 Жакшы болууга чакырган алланын сонун ысымдары
74 Бизге эң жакын – алла!
75 Болгону кандай жакшы!
76 Алланын алдындагы милдеттерибизди үйрөткөн сүрө
77 Менин сүйүктүү пайгамбарым!
78 Муну билесиңерби?
80 Өзүбүздүн алдындагы милдеттерибиз
82 Жамандык кылган жамандык көрөт!
83 Таббат сүрөсү
84 Денебиздин тазалыгы
85 Дааратканада
86 Муну билесиңерби?
86 Келгиле, ойнойлу!

★ **Тамак жегенде**

87 Колуңду жуу, Бисмилланы айт!
88 Али тамактанып жатат

★ **Жатканда**

90 Дене мүчөлөрүбүз
92 Али уктаганда

★ **Суу ичкенде**

93 Силер билесиңерби?
94 Али менен Айшанын төө оюну

★ **Ата-энебиздин алдындагы милдеттерибиз**

96 Менин апам, менин атам

★ **Башка адамдардын алдындагы милдеттерибиз**

98 Саламдашуу адеби
100 Кээде адамдарга карата жүрүм-турумубузда

★ **Чүчкүргөндө**

103 Жалкоолук микробу

★ **Тамашалашканда**

104 Тамаша
105 Жүзүнөн жылмаюу кетпеген пайгамбар
106 Баары мусулманга ишенет
107 Коргоочу сүрөөлөр
108 Каникулга чыгабыз!

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Бисмиллахир-рахманир-рахийм
“Рабби йассир ва лаа туъассир, Рабби таммим бил-хайр”
Оо, Жараткан! Бүгүнкү сабагыбыз жакшы өтсүн!
Омийин!

Азирети Пайгамбарыбыз бизге “Жардам суроо дубасын” үйрөткөн. Бул дубаны айткандар бардык кыйынчылыктардан жеңил өтөт. Кандай сонун!
Кана эмесе, бул күнүбүздүн жеңил өтүшү жана иштерибиздин ийгиликтүү болушу үчүн баарыбыз биргеликте бул дубаны айталы.
Ар бир сабагыбызды баштаганда бисмилланы айтып, бул дубаны окуганды унутпайлы, макулбу?

ДИНИБИЗДИ ҮЙРӨНӨБҮЗ

БАРДЫК ЖАКШЫ ИШТИН БАШТАЛЫШЫ – БИСМИЛЛА

Китебимди ачаарда,
Сабагымды баштаарда,
Ар бир иштин башында,
Бисмилланы айтамын,
Дайым эсимде сактаймын.

“БИСМИЛЛАХИР-РАХМАНИР-РАХИЙМ”

Бисмилла – “Бисмиллахир-рахманир-рахийм” деп айтуу.
Мааниси – “Мээримдүү жана ырайымдуу Алланын аты менен”
Биз, мусулмандар ар бир жакшы иштин алдында
“Бисмиллахир-рахманир-рахийм” деп айтабыз.
Керебеттен турганда, колубузду жууганда, тамак жеп баштаганда, суу ичкенде, сабак башталганда... Бул сонун сөздөрдү айтканда иштерибиз да кемчиликсиз орундалат. Ошондуктан, ар бир иштин алдында бисмилланы айтабыз.

Муну билесинерби?

Азирети Пайгамбарыбыз: “Бир балага “бисмилла деп айт” деген мугалим да, ал бала да, анын ата-энеси да тозоктон кутулгандардын катарына кошулат” (Суйутий, Дуррул-мансур, 1/26) деп айткан. Андай болсо, биз дагы ар бир ишибиздин алдында бисмилла деп айталы жана бул сүйүнүчтүү кабарды башкаларга да айтканды унутпайлы. Ошентип, бейиште бардык жакындарыбыз менен бирге түбөлүккө жашайлы.

Кайсы туура?

Достор! Кана эмесе, төмөндөгү сүрөттөргө көңүл буруп карайбыз. Кайсы сүрөттөгү бала бисмилланы айтып, иштерин эң сонун аткарганын табабыз.

Тапкандан кийин биз дагы бисмилла деп айтып, кутучаны боёйбуз.







Али бисмилла айтканды үйрөнгөндө

Бул күн Али үчүн башкача күн эле.

Эрте менен эрте турду. Себеби, бүгүн мектепке биринчи жолу бара жаткан. Кубанычы койнуна батпай жатты. Бир жагынан толкунданып, жүрөгү дүкүлдөп согуп, кандай болоор экен деп коркуп да жатты. Апасы аны кийинтип жатып “бисмилла” деп айтты. Али апасынын минтип айтканын дайыма угат эле. Апасы Алини кийинтип бүтүп, эшикти ачып сыртка кадам таштаарда дагы бир жолу “бисмилла” деди. Муну укkан Али:

– Апа, бир ишти баштаардан мурун дайыма ушинтип айта бересиз го. Бул не деген? - деп сурады.

Апасы:

– Бисмилла дегенди айтып жатасыңбы?

Али:

– Ооба, “бисмиллахир-рахманир-рахийм” деп айтасыз го.

Апасы:

– Айнанайын, жыпар жыттуум. Бул сөз дүйнөдөгү бардык жакшы иштерге ачыла турган эшиктердин ачкычы болот.

Али:

– Кантип?

Апасы:

– Мисалы, Куран “бисмилла” менен башталат жана бизге сергек жашоону, асмандагы жана жердеги көптөгөн нерселерди үйрөтөт. Куран иштерибизге жеңилдик алып келет. Ошондой эле, ал Алла Таала тарабынан коргоого алынган китеп. Биз да Курандагы сыяктуу ар бир ишибизди бисмилла менен баштасак, жашообузда пайдасы тие турган маалыматтарды үйрөнөбүз. Бир эле өзүбүзгө эмес, башкаларга да пайдабыз тиет, Алла Таала да дайыма бизди коргоп турат.

Карачы, бизге жылуулук жана жарык чачкан күндү жоктон бар кылган, көктөгү бардык жылдыздарды жер менен сүзүштүрбөй айландырган Алла Таала биздин иштерибизге жардам бере албай калмак беле?! Анын жардамы менен биз да ийгиликке жете алабыз.

Апасынын айткандарын укkан Али дагы да толкунданды. Демек, бисмилла деп айтса, Алла Таала аны дайыма коргоп, жардам берет, мектептеги убактысы да жеңил өтүп, көп нерсени үйрөнөт. Дароо бисмилланы айтып, бир саамга ойлонгонсуп туруп калды да:

– Мына, бисмилланы айттым, коркууну жеңдим, - деди сүйүнө.

Апасы:

– Азаматсың, менин акылдуу балам, - деп чекесинен өөп койду. Колунан жетелеп, мектепти көздөй жөнөштү. Мектепке барганда, Али ичинен бисмилла деп айтты да, өзү окуй турган класска кирип, жаңы досторуна аралашып кетти.

Мектептен кайтканда, чуркап барып апасынын мойнуна асылып:

– Апаке, мага бисмилла айтканды жакшы эле үйрөткөн экенсиз. Мугалимдин айткандарынын баарын үйрөндүм, ал да мени “Азаматсың Али” деп айтты. Эми дайыма бисмилланы оозумдан түшүрбөй айтып жүрөм. Анан иштеримдин баары жеңил болот.

БИЗДИ ЖАРАТКАН БИРӨӨ БАР

Жолдо келе жатканымда, алдымда турган дарак өзү эле жыгылып, аралаанып, тактай болду. Анан тактайлар өзү эле биригип, кайыкка айланды. Кайыкка отуруп алып, бул жакка келдим десем, мага ишенесиңерби?

Дарак жөндөн-жөн эле өзүнчө кайык болуп кетиши мүмкүнбү?

Калем, кагаз жана кайык өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаса, ушунча чоң аалам да өзүнөн-өзү пайда болобу?

Албетте, ааламды да, бизди да жараткан бирөө бар.

Ооба, балдар, баарыбызбы жараткан – Алла Таала.

Сүттүн ичинде май бар экенин билебиз, бирок аны көрө албайбыз. Мына ошондой эле Алла Тааланы да азыр көрө албайбыз. Эгер, туура сүйлөп, боорукер болсок жана Алла Тааланын айткандарын үгүп жүрсөк, анда ал да убагы келгенде бизге өзүн көрсөтөт. Болгондо да бейиште.

Алла Таала бар, бирок азыр аны көрө албайбыз. Азырынча, жараткан нерселери менен бизге өзүнүн бар экенин көрсөтүп жатат. Күн, жылдыздар, түркүн түстүү гүлдөр, жаныбарлар дайыма бизге Алла Тааланын бар экенин шыбырап турат. Алла Тааланы анын эң сонун ысымдары менен тааныйбыз.

Кантип?

Анда карап көрөлү...



Алла Тааланын эң сонун ысымдары

اَللّٰهُ

Алла деп атын айтканда,
Жардамга келет дайыма,
Жамандыкты кубалап,
Жакшылык берет адамга.

Асмандагы булуттар абада калкып турганы менен, салмагы аябай оор. Себеби булуттарда суу тамчылары биригет. Суу тамчылары жамгыр болуп жерге түшөт. Мына ошол булуттагы оор салмактагы суу тамчы-тамчы болуп түшкөнү үчүн эч жерибизди оорутпайт. Бул да болсо Алла Тааланын мээримдүү экенин көрсөтүп турат.

اَلرَّحْمٰنُ

اَلرَّحِيمُ

Ырайымдуу Алла Таала ар бир жакшы ишке болгон аракетти, эмгекти жөн калтырбайт. Мындай адамды ырайымына бөлөйт. Жаман ишти таштабай, кайра-кайра кыла бергенди жактырбайт. Жакшы иш кылсак сүйүнгөн, жаман иш кылсак урушкан апаларыбыз сыяктуу.

Ааламдагы жандуу-жансыз бардык нерселердин чыныгы ээси – Алла Таала. Мына ушуну билгендер бир нерсени талашып, бири-бири менен чырдашпайт. Тескерисинче, бар болгонду бөлүшүп, ынтымакта жашашат.

اَلْمَلِكُ

اَلْقُدُّوسُ

Алла Таала аруу, таза. Бизди да, айлана-чөйрөбүздү да тазалайт. Гүлдөр, өсүмдүктөр кургаганда жерге сиңип жок болот жана айлананы кирдетпейт. Табият таза бойдон калат. Бул бизге Алла Тааланын аруулугун, тазалыгын эстетет.

Алла Таала ар күнү таң атканда күндү чыгарып, кеч киргенде батырат. Ошондуктан жарык болбой калабы деп эч коркпойбуз. Себеби Алла Таала ааламдагы бардык нерсени тартипке салып койгон. Ар күнү аткан таң менен күн жылмайып чыгып, бизге салам берет. Бул да болсо бизге Алла Тааланын салам деген ысымын эстетет.

اَلسَّلَامُ

ДИНИМ - ИСЛАМ

Ар бир үйрөнгөн нерсеси Алинин иштерин жеңилдете баштады. Муну байкаган Али:

- Менин диним эң сонун... Менин диним эң сонун... Менин диним эң сонун... деп айтчу болду.

Анын айткандарын укkан Айша бир күнү:

- Ал эмне дегениң, Али? Мага да түшүндүрүп берчи, - деп айтты. Али:

- Билесиңби, Айша? Ислам “тынчтык” дегенди билдирет, жакшы ишке багыттаган дегенди билдирет. Аны түшүнгөн, анын эрежелерине көңүл бурган адам дайыма бактылуу болот.

Алла Таала бизге Исламды тартуулаган. Пайгамбарлар аркылуу динди үйрөткөн жана минтип айткан: “Бүгүн силерге диниңерди жана ырайымымды толук кылып, Исламды дин катары силерге ыраа көрдүм.”

Намаз окусак, Аллага жакын болобуз. Дуба кылсак, аны менен сүйлөшкөн болобуз. Орозо кармасак, сабырдуу жана күчтүү болобуз. Зекет берсек, айланабыздагы адамдарга жардам берген болобуз. Ажылыкка барсак, жамандыктардан арылып, тазаланабыз.

Менин диним эң сонун!
Туура жүргүн дайым дейт,
Тазалыкты үйрөтүп,
Жакшылыкка жетелейт.
Мээрим чачып баарына,
Урмат-сыйга бөпөлөйт.
Пайгамбарым айткандай,
Ислам – эң сонун адеп.

“ИСЛАМДЫН ШАРТЫ” ДЕГЕН ОЮН

Исламдын шарты – беш.
(Эки колду көтөрүп, беш манжаны көрсөтөбүз)
Биринчиси – келме айтуу,
(Төрт манжаны бириктирип баш бармакка тийгизип, кайра көтөрүп ачып-жаап сүйлөп жаткандай кылабыз)
Экинчиси – намаз,
(Такбир айткандай болуп колду көтөрүп, кайра түшүрөбүз жана сол колдун үстүнө оң колду коюп турабыз)
Үчүнчүсү – орозо,
(Колдубуз менен оозубузду жабабыз)
Төртүнчүсү – зекет,
(Эки колубузду тең ачып алдыга көздөй сунабыз)
Бешинчиси – ажылык.
(Ордубузда туруп басып аткандай кылабыз).

Ислам динин тутунгандар мусулман болуп эсептелет. Дүйнөдө ар кандай тилде сүйлөгөн, ар башка түстөгү адамдар бар. Ислам динине ишенгендердин баары мусулман бир тууган.

Алла Таала Куранда: “Бардык мусулмандар бир тууган” (Хужурат сүрөсү, 10-аят) деп айткан. Пайгамбарыбыз: “Мусулман – мусулмандын бир тууганы. Ага жамандык кылбайт, жалгыз таштап койбойт” (Бухарий, Мазалим, 3) деген. Дүйнөнүн ар тарабында мусулмандар жашайт. Баарыбыз бир тууганбыз.

Мусулман болгон кандай сонун!
Келгиле, баарыбыз чогуу ырдайбыз:

Алхамдулиллах, мусулманмын

Мусулманмын, мусулман,
(Ордубузда туруп басып аткандай кылабыз)
Алхамдулиллах, мусулман.
(Колубузду жүрөккө коюп ийилебиз)
Диним – Ислам,
(Сөөмөйдү көтөрөбүз)
Китебим – Куран,
(Алаканды ачып китеп окуп жаткандай кылабыз)
Кыбылам – Кааба,
(Эки колду алдыга сунабыз)
Кааба Мекке шаарында,
(Сөөмөй менен көрсөтөбүз)
Күндө беш жолу,
(Беш манжаны көрсөтөбүз)
Барамын мен Каабага.
(Ордубузда туруп чуркагандай кылабыз)



Бейиштин ачкычы

“Лаа илааха иллаллах – бейиштин ачкычы” (Суйутий, ал-Жаами ас-Сагир, 8191) деп айткан сүйүктүү Пайгамбарыбыз.

Бул сөздү ойноп жатканда, басып баратканда, чуркап баратканда, эс алып жатканда да айтсак болот. Канчалык көп айтсак, бейиштин ачкычын да ошончолук көп алабыз. Кана анда, ордубуздан туралы да, секиргенче бул сөздү айталы. Бейиштин ачкычын алганга аракет кылалы. Чарчаганда маанисин да айтканды унутпайлы.

Тавхид келмеси:

Лаа илааха иллаллах, Мухаммед расул Аллах,
Лаа илааха иллаллах, Мухаммед расул Аллах,
Лаа илааха иллаллах, Мухаммед расул Аллах,

Маниси:

Алладан башка кудай жок, Мухаммед Алланын элчиси.

Али менен Айша жарышканда

Али менен Айша бейиштин ачкычын ким көп алат деп жарыша турган болушту.

Айша:

- Али, мен сени утам. Келмени 2000 жолу айттым. А сен болсо эми 500 жолу айттың окшойт.

Али:

- Кайдан билесиң? Балким андан көп айткандырмын. Эрте менен эле 500 жолу айткам.

Айша:

- Ооба, билем. Ошон үчүн айтып жатам да. Эртеден бери айтканыңды укпадым.

Али:

- Айша, капа болбо, мен сенден көп айттым. Себеби эртеден бери 2300 жолу айттым.

Айша:

- Койчу! Эч эле оозуңдун кыймылдаганын көрбөдүм го...

Али:

- Айша, сен билбейсиңби? Келмени оозуңду ачпай деле ичиңден айтсаң болот го...

Ыймандуумун Бактылуумун

Ыйман – Аллага ишенүү. Ыймандуу адамдар Аллага ишенет. Алла Таала Куранда ыймандуулар тууралуу мындай дейт: **“Ыйманга келип, жакшылык кылгандарга “жакшылык” жана сонун жай ыроолонот.”** (Раад сүрөсү, 29-аят)

Ыйман келтирип мусулман болгон адам кандай болот?

Жылмайып турат.

Баарын сыйлап, салам берет.

Карыларга жардам берет.

Убакытты текке кетирбейт. Окуп үйрөнөт.

Улууларга урмат, Кичүүлөргө ызаат кылат.

Эч кимге зыян бербейт. Дайыма пайдалуу иш кылат.

Ошентип бул дүйнөдө да, аркы дүйнөдө да бактылуу болот. Кандай сонун!

Ыймандын шарттарын үйрөткөн дуба

“Ааманту дубасы”
менен ыймандын шарттарын үйрөнөбүз.

“Ааманту дубасы”

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ

آمَنْتُ بِاللهِ وَ مَلاٰئِكَتِهِ وَ كُتُبِهِ وَ رُسُلِهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَبِالْقَدَرِ
خَيْرِهِ وَ شَرِّهِ مِنَ اللهِ تَعَالٰى وَالْبَعْثُ بَعْدَ الْمَوْتِ حَقٌّ
اَشْهَدُ اَنْ لآ اِلٰهَ اِلاَّ اللهُ وَ اَشْهَدُ اَنَّ مُحَمَّداً عَبْدُهُ وَ رَسُولُهُ

Ааманту биллахи
(Алла Таалага ишендим)

ва малааикатихи
(жана периштелерине)

ва кутубихи
(жана китептерине)

ва русулухи
(жана пайгамбарларына)

вал-йавмил-аахири
(жана акырет күнүнө)

вал-кадари хайрихи ва шаррихи миналлаахи таала
(жана тагдырдын жакшысы да, жаманы да Алладан экенине)

вал-бааси баадал-мавти хакк.
(жана өлүмдөн кийин тирилүүнүн акыйкат экенине ишендим)

Ашхаду ан лаа илааха иллаллаах, ва ашхаду анна
Мухаммадан абдуху ва расуулух”
(Алладан башка кудай болбогонуна жана Мухаммед Анын
кулу жана элчиси болгондугуна күбөгө өтөм)

Али үйрөнгөн жаңылмач

Али уктаар алдында дайыма дуба окуй турган болду.

- Жаратканым, мен сенин бар экениңе ишенип, ыйман келтирдим. Сенин ысымдарың менен сага дуба кыламын: Сен Мээримдүүсүң, Боорукерсиң, Улуусуң, Аруусуң, бизге бейпилдик тартуулаган өзүңсүң. Мага, үй-бүлөмө жана бардык мусулмандарга жакшылык бергин. Жүрөгүбүздү жаман нерселерден тазалагын.

Ошентип Али сабакта үйрөнгөн “Ыймандын шарттары” деген жаңылмачты айтып уйкуга кетти.

Ыймандын алты шарты бар,
(Алты манжаны көрсөтөбүз)
Алла бир, Алла бар,
(Сөөмөйдү жогору көтөрөбүз)
Периштелерине,
(Манжаларды кыймылдатып, колду жогору көтөрөбүз)
Китептерине,
(Алаканыбызды ачып, китеп окуп жаткандай кылабыз)
Пайгамбарларына,
(Таяк таянгандай болуп башты жогору көтөрүп турабыз)
Акырет күнүнө,
(Сөөмөй менен алды жакты көрсөтөбүз)
Тагдырга,
(Эки колду жогору көтөрөбүз)
Жакшылык да, жамандык да Алладан экенине
(Жогору көтөргөн колубузду эки жакка керип ылдый түшүрөбүз)
Ишенемин.
(Үч жолу кол чабабыз)

Муну билесиңерби?

Шахадат келмесин айткан адам ыйман келтирип, мусулман болгон болот. Кана, баарыбыз чогуу шахадат келмесин айтабыз:

“Ашхаду ан лаа илааха илла Аллах, ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху”

Шахадат келмесинин мааниси:

“Мен Алладан башка кудай жок экенин өз көзүм менен көргөндөй ишенемин, Азирети Мухаммед Алланын кулу жана элчиси экенин өз көзүм менен көргөндөй ишенемин.”

Бардык нерсени жараткан Алла Таала

Бир жаш бала айланага көз чаптырып отурду. Учу-кыйыры жок жер жүзүн, көк тиреген тоолорду, бийик даректарды көрүп “Кандай гана чоң!” деп ойго батты. Андан кийин өзүнө карады: колдоруна, манжаларына, денесине... Буттары менен басат, көздөрү менен көрөт, кулактары менен угат. Дагы ойго батты. Булардын баары кантип пайда болду? “Өзүнчө эле болуп калбаса керек, ушундай сонун кылып пайда кылган бирөө сөзсүз болсо керек” деп ойлоду. Ким болушу мүмкүн?

Ойлонуп отуруп асмандагы жылдыздарды көрдү. Өтө эле бийикте турушат, караңгыны жарык кылышат. Анда бизди жараткан ушул жылдыздар болуп жүрбөсүн... Аңгыча эле ай чыкты. Жылдыздардан да чоң, жарыгы да көп. Жок, жылдыздар эмес бизди жараткан, ушул ай жаратты го бизди. Ошентип көпкө отурду ойлонуп. Таң атып жарыгын чачып күн чыкты. Анын жарыгынан жылдыздар да, ай да көрүнбөй калды. “Мына, эми таптым, бизди жараткан күн экен” деди сүйүнө. Бирок сүйүнүчү көпкө сүрбөдү. Кеч кирип күн батканда “Жок, бизди жараткан күн эмес экен. Өзү бир бар болуп, бир жок болуп атса, кантип эле ушул жаратуучу болсун. Менин жана бардык ааламдын Жаратуучусу баарынан күчтүү, баарынан улуу, баарына мээримин чачкан болушу керек” деп ойлоп калды.

Акыры “Ооба, эми таптым! Бизди жараткан эч нерсеге окшобойт... Аны көрө албасам да жүрөгүм менен сезе алам. Бардык ааламды жараткан – Алла Таала” деп айтты кубанычы койнуна батпай.

АЛЛА ТААЛАНЫ ТААНЫТКАН СҮРӨ

Ооба, балдар, баарыбызды Кудай жараткан. Ал өзүн биз менен Куранда “Ыклас сүрөсү” аркылуу тааныштырат. Келгиле, билип алалы. Келгиле, Аны тааныйлы.

ЫКЛАС СҮРӨСҮ

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

قُلْ هُوَ اللّٰهُ اَحَدٌ (١) اَللّٰهُ الصَّمَدُ (٢) لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ (٣)

وَلَمْ يَكُنْ لَهُ كُفُوًا اَحَدٌ (٤)

Кул хува Аллаху ахад,

(Сөөмөйдү өйдөгө көтөрөбүз)

Аллахус-самад,

(Колдорубуз жана башыбыз менен “жок” дегендей кыймыл кылабыз)

Лам йалид ва лам йулад,

(Колубуз менен курсагыбызды көрсөтүп, “жок” дегендей башыбызды чайкайбыз)

Ва лам йакун лаху куфувван ахад.

(Алгач эки сөөмөйүбүздү теңдештиребиз, анан кайра колдорубуз жана башыбыз менен “жок” деген кыймыл кылабыз)

Бул сүрөдө эмнелер айтылат?

Ыклас сүрөсү мунун аты,

4 аяттар турат баш-аягы.

Меккеде түшүрүлгөн,

Алланын бар жана бир экенин түшүндүргөн.

Төрөгөн эмес, төрөлгөн эмес,

Ага эч ким тең келбес.

АЛИ БҮГҮН ЭМНЕГЕДИР КАПАЛУУ

Алинин апасынын кыймылы мурункудай эмес экени байкалып турду. Балким ооруп жаткандыр... Ансыз деле бир топ салмак кошуп, бат-бат чарчай турган болуп калган эле.

Али мына ушуларды ойлонуп, өзүнчө капалуу отурганда жанына Айша келип:

- Сага эмне болду? Эмнеге мынча капаландың? - деди. Али үшкүрүнүп:

- Айша, апам катуу ооруп жатат окшойт. Семирип, курсагы да чоңоюп кетиптир, мурункудай мени менен алектенбейт. Ойноюн десем, менин агам да жок, ошондуктан үйдө зеригип жүрөм, - деди. Айша:

- Дароо эле жаман ойлобо да, апаңдан же атаңдан сурадыңбы? Балким башка себеби бардыр.

Али:

- Ооба, туура айтасың, апамдан сурап, кантип жардам бере аларымды билишим керек, - деди да, апасын көздөй чуркады. Бир аздан кийин сүйүнүп кайра Айшага келип:

- Айша, туура айттың, апам оорубаптыр, башка себеби бар экен. Апам кош бойлуу экен. Эми менин да иним болот! - деди.

Айша:

- Оо, кандай сонун, абдан кубанычтамын. Али, кел анда, бул үчүн Жаратканга шүгүр кылып, дуба кылалы.

Айша менен Али кичинекей колдорун көтөрүп, алакандарын жайып, жаңы эле жатташкан «Ыклас сүрөсүн» окушуп, кобурап дуба кыла башташты:

- Оо, Жараткан, сен жалгызсың, сен күчтүүсүң. Биз жалгыз жашай албайбыз, бизди жалгыз калтырба. Сен төрөлгөн эмессиң, төрөгөн да эмессиң... Бизди эң сонун кылып жараттың, биздин бир туугандарыбызды да эң сонун абалда аман-эсен жарык дүйнөгө алып кел. Сен кудуреттүүсүң, эч кимге жана эч нерсеге окшош эмессиң.

Алла Тааланын ысымдарын дагы жаттоого даярсыңарбы?

Муъмин аты менен бизге ыйман берет жана коопсуздугубузду сактайт.

Мухаймин аты менен бизди коргойт жана карап турат. Жакшы иштерибизди, ибадаттарыбызды көрүп турат жана бизге сооп берет.

Азиз аты менен океандарды, бийик тоолорду, жаркыраган күндү көзөмөлдөйт. Баары аны угат жана анын алдында таазим кылат. Аны эч нерсе жеңе албайт.

Жаббар аты менен баары Анын буйругуна баш ийет.

Мутакаббир аты менен чоң-чоң толкундарды жаратып, өзүнүн күчүн көрсөтөт.

Халик баарын жоктон бар кылган жаратуучу.

Бари аты менен жаратылыштагы ар түрдүү нерселерди сонун кылып жаратат.

ПЕРИШТЕЛЕР

Алла Таала нурдан жараткан периштелер бар

Аларжебейт,ичпейт.Алар эркек да, кыз да эмес. Бир гана Алланын айтканын аткарышат. Асманды, жерди кармап турган периштелер бар. Жылдыз капысынан үстүбүзгө түшүп кетпейт. Жамгыр тамчыларынын ар бирин периштелер алып түшөт. Жамгыр асмандан сел болуп жаабайт, үйүбүздүн үстүнө чакадан төгүлгөндөй болуп түшүп, суу каптап кетпейт. Жыгылганыбызда айнектей болуп сынып кетпейбиз, көзүбүз, мурдубуз, кулагыбыз ар тарапка чачылып кетпейт. Периштелер коргоп, кармап турушат. Биз жасаган бардык жакшылыктарыбызды ойлогондо, жамандыктарыбызды да жазып турушат. Алла Таала жакшылык кылгандарга сыйлыктар жана белектер берет; жамандык кылгандарды жемелейт. Кечинде даарат алып жатып, уйку дубасын айтып уктасак, периштелер жаныбызга келет. Биз үчүн дуба кылышып, бардык жамандыктан коргоп турушат.

Эми караңгыдан коркпоймун

Али мектепте мугалим айтып берген периштелерди оюнан эч чыгара албады. Чындап эле периштелердин аны коргоп турганы кандай сонун. Түндүн караңгысы, капыстан чыга калчудай болгон элестер, коркунучтуу үндөр эми аны коркута албайт болчу. Эми мындан ары апасынын жанына тымызын барып жатпайт.

Дароо пижамасын кийип, тишин жууп, жакшылап даарат алды. Төшөгүнө оң капталы менен жатып, дуба окуй баштады:

Аллахумма бисмика амууту ва ахйаа (Оо Аллахым, Сенин ысымың менен уктайм жана ойгоном).

Аллахумма бисмика амууту ва ахйаа (Оо Аллахым, Сенин ысымың менен уктайм жана ойгоном).

Аллахумма бисмика амууту ва ахйаа (Оо Аллахым, Сенин ысымың менен уктайм жана ойгоном).

Апасы «Али» деп бөлмөгө кирип келгенде анын төшөгүндө уктап жатканын көрдү. Көзүнө ишене албады. Ал аны алдап жатат деп ойлоду. Анын жанына акырын барып, кытыгылап көрдү. Күлгөн жок, уктап калыптыр.

Апасы ошол күнү “Балам чоңоюп баратат, өз алдынча да уктай турган болуп калыптыр. Жаным балам, мен сени жакшы көрөм”, - деди кубанып.

Келгиле, ойнойлу

Кана, биз да Алиге окшоп уйку дубасын окуйлу. Көрөлүчү, ким уктап калат экен? **«Аллахумма бисмика амуту ва ахйаа»** (Бухарий, Даават, 7, 8, 16). Алла Таала Али Имран сүрөсүндө (125-аят) **«Ооба, эгер сабыр кылсаңар жана (Алладан) корксоңор, анда Ал силерге дароо келип, Эгеңер силерге бирдей беш миң периште менен жардам кылат”** дейт. Кандай сонун! Периштелердин бар экенине кубанычтамын!

Дубаны айткандан кийин окуучулар жерге жатып же столго башын коюп, уктагандай болуп көздөрүн жумушат. Анан мугалим аларды кытыгылайт, бирок балдар ойгонушпайт. Мугалим окуучулардын баарын кытыгылап чыгып: “Таң атты” дегенде баары ойгонушат.

4 ЧОҢ ПЕРИШТЕ

Бардык балдар чогуу “4 чоң периште бар. Келгиле, азыр 4 чоң периште деген оюн ойнойбуз” деп айтышат.

4 чоң периште бар (4 манжабызды көрсөтөбүз).
Жабраил, Микаил, Исрафил, Азраил (Ар бирин айтканда кол чабабыз).
Жабраил пайгамбарларга кабар жеткирет (Бир бала ордунан туруп, колун оозуна коюп, тегеренип чуркай баштайт).
Микаил жаратылышты көзөмөлдөйт (Бир бала ордунан туруп, шамал согуп аткандай айланып чуркайт).
Исрафил сурнай үйлөйт (Бир бала ордунан туруп, колун оозуна коюп сурнай үйлөгөндөй тегеренип басат).
Азраил адамдардын жанын Аллага тапшырат (Бир бала ордунан туруп досторун кытыгылайт).

БАКТЫЛУУ БОЛУУНУ ҮЙРӨТКӨН КИТЕПТЕР

Алла Таала окушубуз үчүн, жакшы нерселерди үйрөнүшүбүз үчүн, ден соолукта жана бактылуу жашашыбыз үчүн бизге китептерди түшүргөн. Төрт пайгамбарга төрт китеп жөнөткөн.

Алла Таала бизге мындай дейт: «Оо, ыйман келтиргендер! Аллага, Анын пайгамбарына, Ал түшүргөн китебине жана мурда түшүргөн китептерине ыйман келтиргиле» (Ниса Сүрөсү, 136-аят). Биз да буга ишенебиз.

Тилекке каршы, кээ бир адамдар алгачкы үч китепти өзгөртүп же бузуп жиберишти.

Ошондо Алла Таала өзүнүн акыркы китеби болгон Куранды, биздин китебибизди жөнөттү.

Биз үчүн эч качан өзгөртүлбөй турган керемет китеп – Куранды түшүргөн.

Кана эмесе, оюн ойногончо төрт китеп менен таанышалы.

ТӨРТ ЧОҢ КИТЕП

Бир бала ордунан туруп, колунда китеп кармап тургандай жогору көтөрөт. Колун түшүрбөстөн ордунда туруп айлана баштайт. Муну ар бир пайгамбардын аты айтылганда кайталайт.

Азирети Мусанын колунда Тоорат,
Алла деп, Аны гана даңазалайт,
Алла деп, бир гана Ага чакырат.
Азирети Давуддун колунда Забур,
Алла деп, Аны гана даңазалайт,
Алла деп, бир гана Ага чакырат.
Азирети Исанын elinde Инжил,
Алла деп, Аны гана даңазалайт,
Алла деп, бир гана Ага чакырат.
Азирети Мухаммеддин колунда Куран,
Алла деп, Аны гана даңазалайт,
Алла деп, бир гана Ага чакырат.

БИЗДИН КИТЕБИБИЗ – КУРАНЫ КАРИМ

Куран Алла Тааланын коргоосунда болгон кереметтүү китеп.

«Куранды эч шексиз биз түшүргөнбүз, албетте аны биз коргойбуз”. (Хижр сүрөсү, 9-аят) дейт Алла Таала. Куранда ар кандай маалымат камтылган.

Ыйык китебибиз Куран бизге эмнелерди үйрөтөт?

Кереметтүү китебибиз Куран бизге аарылардын бал жасаганын, жер, күн жана айдын кантип кыймылдаганын, адамдар эненин курсагында кантип чоңоёрун, анжир менен зайтундар ден соолукка кандай пайда берерин, ооруганыбызда айыгуу үчүн окула турган аяттарды, дени сак, бактылуу өмүр сүрүүнү, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызааттоону, сүйүнүчтү бөлүшүүнү, жакшылыкты жана башка көптөгөн нерселерди үйрөтөт. Кураныбызды канчалык көп окусак, ошончолук билимдүү болобуз. Алла Таала бизге берген маалыматты үйрөнүү менен биз каталардан арылабыз.

Алла Тааланын насааттарын жана буйруктарын аткаруу менен ден-соолукта жашай алабыз. Биз Куранды абдан жакшы көрөбүз. Куран да бизди жакшы көрөт.

Кантип?

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мындай дейт: Азраил биздин жаныбызды Аллага алып кеткенден кийин периштелер бизге суроо беришет. Бул дүйнөдө Алланы жакшы тааныдыкпы, жакшы иштерди кылдыкпы? “Бардык суроолорго жооп бере алат бекенбиз?” тынчсызданып жатканыбызда жанымызда өтө сүйкүмдүү бир адам пайда боло калат. Периштелер: «Бул жерде эч кимге адилетсиздик кылынбайт. Суроолорго ар ким өзү жооп берет, сен бул жерден кет” дегенде, ал: «Жок, мен аны таштабайм, анткени дүйнөдө жүргөндө ал мени таштаган жок. Ар дайым мага кам көрүп, жакшы көрүп, көп-көп окуйт эле. Эми кезек менде. Мен да аны таштабайм!” дейт. Периштелер: “Кантип? Сен кимсиң?” сураганда ал: «Мен ал дүйнөдө жүргөндө эч таштабаган Куранмын» дейт. Периштелер күлүп: «Башынан эле ошентип айтпайсыңбы. Ал сени дүйнөдө таштап кеткен жок болсо, сен да аны азыр таштап кетпе”, - дешет. Ар бир суроодо бизге Куран жардамчы болот. Ошентип ал бизди Алла Таалага жеткирет.

Ошондуктан Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деген:

«Афдалу ибадати уммати тилаватул-Куран» (Суютий, ал-Жаами ас-сагир, 1304).

«Үммөтүмдүн эң бийик ибадаты Куран окуу болуп саналат».

Кана эмесе, эмнеге карап турабыз. Дароо Куран окуганды үйрөнөлү, жаттаган сүрөлөрдү дайыма окуйлу.

Куран дүйнөдө жана акыретте биздин куткаруучубуз болот.

ЧЫНДЫКТЫ СҮЙҮҮ ЖАНА САБЫРДУУЛУК МЕНЕН ҮЙРӨТКӨН ПАЙГАМБАРЛАР

Ден соолукта, туура жана тынчтыкта жашоону үйрөнүшүбүз үчүн Алла бизге китептерди жөнөткөн. Ал биздин арабыздан пайгамбарларды тандап алды. Пайгамбарлар бизге кантип жашашыбыз керек экенин үйрөтүшкөн. Алар өздөрүнүн жүрүм-туруму менен бизге үлгү болушкан. Бизди жакшы көргөн, мыкты мугалим-тарбиячы сыяктуу...

Алла Таала;

- Ар дайым жана бардык жерде туура сүйлөгөн,
- Өзүн чынчыл жана адилеттүү болуп алып жүргөн,
- Өтө зээндүү жана акылдуу,
- Эч качан жамандык кылбаган,
- Алланын айтканын өзгөртпөстөн бизге жеткирген пенделерди пайгамбар кылып тандаган.

Ал аларга жакшылыкты, адилеттүүлүктү үйрөтүү жана адамдарга Алла Тааланы тааныштыруу милдетин берген. Алар дагы Алла Тааланын айтканын бизге толук үйрөтүүгө аракет кылышкан. Жамандыкка, туура эмес иштерге барбагыла деп адамдарды эскертишкен. Бирок кээ бир адамдар пайгамбарларын укпай, аларга каршы чыгышкан. Атүгүл аларга өтө жаман мамиле кылышкан. Акыры өздөрү жеңилип, өтө жаман абалга туш болушкан. Алла Таалага ишенген адам ар дайым жеңишке жетет, бирок алар муну билишкен эмес. Карагылачы, Алла Таала эмне дейт:

«Эй, Адам перзенттери! Эгер силерге өз ичиңерден Менин аяттарымды түшүндүрүп берүүчү элчи келсе, ошондо кимдер такыба болуп, өзүн оңдосо, ошолорго (Кыяматта) коркунуч да, кайгы да болбойт» (Араф сүрөсү, 35-аят).

Карагылачы, Алла Таала бизди кандай гана жакшы көрөт. Бактылуу болушубуз үчүн кандай гана коргоп турат...

МЫНА ПАЙГАМБАРЛАР!

Ооба, пайгамбарлар Алладан келген буйруктарын бизге жеткирген элчилер. Алгачкы пайгамбар жана инсан Азирети Адам. Куранда 28 пайгамбардын аты аталган. Эми алардын аттарын ирети менен үйрөнүүгө убакыт келди.

Балдар хор менен ырдашат. Ар бир төрт пайгамбардын аты айтылганда баары бирдей колдорун кыймылдатышат. Кийинки төртөө айтылганда дагы башка кыймыл жасалат. Мисалы: биринчисинде сөөмөйдү алдыга сунушат, экинчисинде өйдө-ылдый кылышат, үчүнчүдө колдор капталдан эки жакка чайпалып турат.

Адам, Идрис, Нух, Худ,
Адам, Идрис, Нух, Худ.

Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил,
Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил.

Исхак, Йакуп, Йусуф, Аййуб,
Исхак, Йакуп, Йусуф, Аййуб.

Шуайб, Муса, Харун, Давуд,
Шуайб, Муса, Харун, Давуд.

Сулайман, Илйас, Алйаса, Зулкифл,
Сулайман, Илйас, Алйаса, Зулкифл.

Йунус, Закарийя, Йахйа, Иса,
Йунус, Закарийя, Йахйа, Иса.

Узейир, Локман, Зулкарнайн,
Узейир, Локман, Зулкарнайн.

Мухаммед Мустафа,
Салам болсун баарына.

Сүйүктүү пайгамбарым

Биздин пайгамбарыбыз – акыркы пайгамбар!
Биз Мухаммед Пайгамбардын (саллаллаху алейхи ва саллам) үммөтүбүз!
Алла Пайгамбарыбызга: **«Биз аны (Куранды) акыйкат менен түшүрдүк жана ал акыйкат менен түштү. Сени да жакшы кабар угузуучу жана эскертүүчү кылып жөнөттүк»** (Исра сүрөсү, 105-аят) дейт.
Бейиште бардык пайгамбарлардын дарыясы болот. Пайгамбарыбыздын дарыясы да Кавсар дарыясы жана бул дарыялардын эң чоңу. Кавсар береке, молчулук дегенди билдирет. Мухаммед пайгамбарга үммөт болгондор бул дарыядан ичишет, анда сүзүшөт жана тазаланып, жаркырап чыгышат. Аларды бейиште көргөндөр: «Силер кимдин үммөтүсүңөр? Кантип ушинтип жаркырап калдыңар?” деп сурашат. Алар: «Биз Мухаммеддин үммөтүбүз, Кавсар дарыясында жуундук, ошондуктан жаркырап калдык» айтышат. Пайгамбарыбызды жалганга чыгаргандар жана аны шылдыңдагандар да эч кимдин эсине да келбейт. Алар жок болот. Кандай өкүнүчтүү... Муну Алла Таала бизге Кавсар сүрөсүндө айтып берет.

Пайгамбарыбызды баяндаган сүрө.
Келгиле, Кавсар сүрөсүн жаттайлы.

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

اِنَّآ اَعْطَيْنَاكَ الْكَوْثَرَ (١) فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَانْحَرْ (٢)
اِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الْاَبْتَرُ(٣)

Кавсар сүрөсү

Иннаа аатайнаакал-кавсар
(Балдар колдорун дарыя агып жаткандай кылып кыймылдатышат)
Фасолли лироббика ванхар
(Алгач кол байлап намаз окугандай, кийин бычак менен кесип жаткандай кыймыл кылышат)
Инна шааниака хувал-абтар.
(Алгач сол колду алдыга созуп баратып, дароо аны билектен оң кол кармап калышат)

Бул сүрөдө эмне айтылат?

Кавсар сүрөсү, Кавсар сүрөсү,
3 аяттан турат, 3 аят.
Меккеде түшүрүлгөн,
Пайгамбарыбызды түшүндүргөн.
Ал бизге бейиште дарыя,
Молчулук жана береке болду.
Пайгамбарыбызды шылдыңдагандар,
Тукуму үзүлдү, жок болду.

Айшанын кубанычы

Айша абдан кубанып, толкунданып көчөдө чуркап жүрдү. Аны көргөн Али: - Айша, эмне болду? - деп сурады.

Айша: - Али, менин атам “Сүйүнүч сарайына” кирет экен, мен ошого абдан кубанычтамын.

Али: - Ал эмне болгон сарай экен?

Айша: - Апам аны бейиште деп айтты. Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) мындай деген экен: «Бейиштеги «Сүйүнүч сарайына» балдарды кубантып, сүйүнткөндөр гана кирет».

Али: - Айша, атаң сени мынчалык кубантуу үчүн эмне кылды?

Айша: - Бүгүн мен атама жардам бердим эле, анан анын иши бат эле бүтүп калды. Атам буга абдан ыраазы болуп, калган убактысын мени менен ойноп өткөрдү. Мага да атам менен ойногон абдан кызыктуу болду.

Али: - Сүйүктүү Пайгамбарыбыз да атаң сыяктуу балдарды абдан жакшы көрчү. Алар менен тамашалашып, оюн ойнойт экен эле. Аттиң, аны биз да көрүп калсак, биз аны менен оюн ойносок кана... Туурабы, Айша?

Айша: - Ооба, абдан жакшы болмок. Бейиште сүйүнүч сарайында ойнойбуз деп ишенем.

Али: - Оо, анда мугалимибиз айткан бейиштеги Кавсар суусунан ичип, жуунуп, таптаза болуп, тим эле жаркырап калабыз...

Бул дүйнөдөн кийинки түбөлүк жашоо

Жаратылган эч нерсе түбөлүктүү эмес. Ар бир жандык бир күнү дүйнө менен кош айтышат. Ар бир жаңы эскирет, бардык нерсе бир күнү жок болот. Гүл сыяктуу... Мисалы, гүл өнүп, өсүп, гүлдөп, акыры соолуп калат. Ал өзүнүн уругунан кайрадан гүлдөйт. Биз да ушул сыяктуу эле төрөлөбүз, өсөбүз, чоңоёбуз. Бул жашоодо сепкен үрөнүбүздүн түшүмүн акыретте көрөбүз. Ооба, бул жашоодон кийин дагы башка жашоо бар. Биз өлгөндө биротоло топурак болуп кетпейбиз. Акыретте кайра тирилебиз. Биздин кылган ар бир жакшы иштерибиз бейиште жыпар жыттуу гүл болуп чыгып, бизди тосуп алат.

Биздин жакшылыктарыбызды жана каталарыбызды жазган периштелер китебибизди алдыбызга коюшат.

Китептин беттери ачылып, чоң-кичине бардык жакшы иштерибиз, жаман иштерибиз, каталарыбыз көрүнөт.

Эгерде кылган жакшы иштерибиз көп болсо, алар бизди бейишке жетелеп барат. Бизди ал жерде толгон-токой белектер күтүп турган болот.

Эгерде кылган жаман иштерибиз көп болсо, бул кандай гана аянычтуу абал! Анда бейиш да бизден алыстайт.

Коргоочу дубалар

Алла бизге Куранда эки дубаны үйрөтөт. Бул дубаларды дайыма окуп жүрсөк, кыямат күнү бизди жана бардык жакындарыбызды коргойт. Анда аларды үйрөнүүгө даярсыңарбы? Келгиле, “Раббанаа аатинаа – Раббанагфирли” дубаларын үйрөнөлү.

Раббанаа аатинаа – Раббанагфирли

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

رَبَّنَا ءَاتِنَا فِى الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِى الآخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ

رَبَّنَا اغْفِرْ لِى وَلِوَالِدَىَّ وَلِلْمُؤْمِنِينَ يَوْمَ يَقُومُ الْحِسَابُ

“Раббанаа аатинаа фид-дунйа хасана,
ва фил ахирати хасана. Ва кинаа азаабан нар”
“Раббанагфирли ва ливаалидаййа ва
лил-муминийна йавма
йакуумул-хисаб”

Маани си:

“Оо, Жараткан! Бизге бул дүйнөдө да,
акыретте да жакшылык бер. Бизди тозоктун отунан сакта”
“Оо, Жараткан! Эсеп күнү мени, ата-энемди жана
момун-мусулмандарды кечире көр”

Алинин балапаны

Али мектептен кайтып келе жатканда кулагы капысынан чымчыктын үнүн чалып калды. Чынында, буга чейин деле канаттуулардын сайраганын укчу, бирок бул жолу башкача болду. Чымчык ыйлагандай сайрап жатты. Али кызыгып кетти. “Кызык, бул чымчык кайда болду экен?” деп эки жагын карай баштады. Үн чыккан тарапты көздөй жөнөдү. Аңгыча эле жерде чыйпылыктап жаткан чымчыктын балапанын көрүп калды. Ал уясынан түшүп кеткен болчу. Али балапанды уясына жеткирейин деп акырын кармады. Колуна алганда канатын кыймылдата албай жатканын байкады.

Али буга абдан капа болуп:

«Балапан, сени айыктырыш үчүн үйүмө алып барышым керек», - деди да, үйүн көздөй чуркады. Атасынын жардамы менен дары-дармектерди сүйкөп, кичинекей чымчыктын канатын таңышты. Күн өткөн сайын Али ал балапанга көнө баштады. Атүгүл ага ат да койгон. Балапандын аты эми «Чыйпый» эле.

Али күн сайын жеген нанынын күкүмдөрүн ажырата баштады. Неге? Албетте, кичинекей досун багуу үчүн. Бирок Чыйпый күн сайын алсырап бара жатты. Канаты да айыккан жок.

Али колунан эч нерсе келбегенин ойлоп абдан капа болуп жатты. Бир күнү кечинде кичинекей Чыйпыйды караса такыр кыймылдабай жатканын көрөт. Кичинекей чымчык өлгөн эле.

Айша бул кабарды угуп Алиге келди да, мындай деди:

–Көңүл айтам, Али. Сенин бул абалың сүйүктүү Пайгамбарыбызды (саллаллаху алейхи васаллам) эсиме салды. Зейд деген баланын бир кушу өлгөндө Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) ага барып, көңүл айтып, кайгысын тең бөлүшкөн экен. Мен да аны үлгү алып, сага келдим. Кайгы-капаңды бөлүшүп, аз да болсо көңүлүңдү көтөрөйүн.

Али:

- Рахмат сага. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) аябай камкор, боорукер болгон экен. Жанымда болуп, колдоп жатканың мени абдан сүйүнттү. Рахмат сага, Айша», - деди.

Мындайды биринчи жолу көргөн Айша менен Али Раббанаа дубаларын окуу керек экенин ойлой башташты. Дароо колдорун көтөрүп, алакандарын ачып:

- Оо, Жараткан! Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылык бер, - деп дуба кылышты.

Экөөнүн кайгысы басаңдап, көңүлдөрү ордуна келе баштады. Бир аздан кийин эки экөө тең оюнга кирип кетишти.

ДИНИБИЗДИ ҮЙРӨНӨБҮЗ

Баары ибадат кылышат

Бак-даректар бутактардын кыймылы менен, деңиздер толкундары менен, канаттуулар сайраганы менен, кумурскалар иши менен ибадат кылышат. Айтор, ааламдагы бир жандуу-жансыз өзүнүн ыңгайына жараша ибадат кылат.

Биз, адамдар да ибадат кылабыз. Алла Таалага «Бизге канчалаган жакшылыктарды бердиң, бизди абдан жакшы көрдүң» деп ыраазычылык билдиребиз. Алла үчүн кылган ар бир ишибиз “ибадат” болуп саналат.

Бири-бирибизге жолукканда “Ассалам алейкум” деп салам берсек, Алланын атын айтканыбыз үчүн ибадат кылган болобуз. Анда биз бейиште белектерди алабыз жана адамдар да бизди жакшы көрүшөт.

Тамактанаардын алдында бисмилла деп айтсак да ибадат кылган болобуз. Жеген тамагыбыз бизге күч-кубат берет, ошондой эле оорулардын алдын алат.

Жада калса, ооруганыбызда дуба кылсак, ошол оору да ибадат болуп калат. Ал оору бизди бейиште белектер менен тосуп алат.

«Оо, Жараткан, мен сенин ыраазычылыгың үчүн мектепке барам, жакшы окуп, жакшы иштерди жасайм. Бисмиллах» деп жолго чыксак, бул да ибадат болуп эсептелет. Мектепке жеткенче ар бир кадамыбыз үчүн бейиште сыйлыктар берилет.

Дуба окуп уктасак, уйкубуз да ибадат. Уктап жатканда намаз окуп, орозо кармагандай сооп алабыз. Бул ибадаттарды кийинчерээк үйрөнөбүз.

Көрдүңөрбү, биз ибадат кылганыбызда ден-соолукта жана бактылуу жашайбыз. Мындан тышкары, бейиште түбөлүккө жок болбой турган, эскирбей турган белектерге жетебиз. Кандай сонун!

Биз канчалык ибадат кылсак да, Алла Тааладан эч нерсе кемибейт. Ал бизге канча көп болсо да бере берет.

Келгиле, Алланын сонун ысымдарын айтып, Ага ыраазычылык билдирели.

Кайсы жерге келдик эле? Тапкылачы анда...

Алла, Рахман, Рахим, Малик, Куддус, Салам, Мумин, Мухаймин, Азиз, Жаббар, Мутакаббир, Халик, Бари. Мына ушуларды үйрөнгөнбүз. Эми кезекте Алланын башка ысымдары бар.

Мусаввир اَلْمُصَوِّرُ

Көзүбүз башыбыздын үстүндө, манжаларыбыз мурдубузда болсо эмне кылмакпыз? Кандай гана кыйналат элек. Мусаввир болгон Алла ар бир нерсени сонун кылып жараткан.

Гаффар اَلْغَفَّارُ

Алла биздин бардык каталарыбызды кечирет. Биз жаман иштерден алыс болуп, жакшы иштерди кылганга аракет кылсак гана болгону.

Каххар اَلْقَهَّارُ

Алла – чыныгы күчтүү жана бийик. Жаман иш кылгандарды, адамдарга жана жаныбарларга таш боордук кылгандарды жазалайт.

Ваххаб اَلْوَهَّابُ

Алла бизге белектерди берет. Бизге жарык берсин деп күндү, дем алышыбыз үчүн абаны берет. Бул үчүн бизден акы да сурабайт. Көрдүңөрбү, Ал бизди канчалык жакшы көрөт.

Раззак اَلرَّزَّاقُ

Бардык жандыктар үчүн азык берет. Аларга Өзү каалагандай ырыскы берет. Таштын астындагы кумурскага да тамак-аш берет. Алла аны да унутпайт.

Фаттах اَلْفَتَّاحُ

Аллах бардык жакшылык эшиктерин ачат. Кыйынчылыктарды биз үчүн жеңил кылат. Аа ар дайым биздин улуу жардамчыбыз.

Жакшылыктарды ачкан сүрө

Алла биз үчүн көп нерсе кылып жатат, туурабы?
Андыктан ага ыраазычылык айталы.
Анын ысымдарын сүйүү менен чын жүрөктөн айталы.
Бардык ишибизди Анын аты менен баштайлы.
ИБАДАТ КЫЛАЛЫ! Бул дүйнөдө жана акыретте дайыма ийгиликке жетели. Кандай сонун! Аллага ишенген адам ар дайым ийгиликке жетет. Алла Куранды Фатиха сүрөөсү менен ачып, аны менен баштайт. Бул сүрө бизге дуба жана ибадат кылууну үйрөтөт.
Келгиле анда, бул сүрөнү үйрөнөлү.

Фатиха сүрөөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ (١)

اَلْحَمْدُ لِلّٰهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ (٢) اَلرَّحْمٰنِ الرَّحِيمِ (٣) مَالِكِ يَوْمِ الدِّينِ (٤)
اِيَّاكَ نَعْبُدُ وَاِيَّاكَ نَسْتَعِينُ (٥) اِهْدِنَا الصِّرَاطَ الْمُسْتَقِيمَ (٦) صِرَاطَ
الَّذِينَ اَنْعَمْتَ عَلَيْهِمْ غَيْرِ الْمَغْضُوبِ عَلَيْهِمْ وَلَا الضَّآلِّينَ (٧)

Бисмиллахир-рахманир-рахим
Алхамду лиллахи раббил-ааламийн.
Ар-Рахмаанир-рахийм. Маалики йавмид-дин.
Ийяака набуду ва ийяака настаийн.
Ихдинас-сироотол-мустакийм.
Сироотол-лазийна анамта алейхим,
Гойрил-магзуби алейхим ва лаззоолийн.

Бул сүрөдө эмнелер айтылат?
Фатиха сүрөөсү, Фатиха сүрөсү. 7 аяттан турат, 7 аят.
Меккеде дуба, Мадинада сүрө болуп түшүрүлгөн.
Ааламдарды Жараткан, бардык нерсенин Ээсине,
Мактоо менен башталат, алкыш айтуу менен башталат.
Алладан гана тилейбиз, Алладан гана сурайбыз,
«Оо, Алла, бизди Өзүңдүн туура жолуңа түшүр.
Адашкандардын жолуна түшүрбө деп дуба кылабыз.
Фатиха эшиктерди ачат, бардык жакшылыктардын эшигин ачат.
Фатиха казынага айланат, жүрөгүбүзгө чачылат.

Алинин сүйүнүчү

Алинин ичи ооруп жатты. Апасы аны тизесине жаткырып, колу менен курсагын сылап койду. Ал бирдемелерди да кобурап жатты. Али аны кунт коюп тыңшаганда, апасынын кобураганы мектепте үйрөнгөн Фатиха сүрөсү экенин түшүндү. Апасы окусун кобураганын бүтөөрү менен Али ичинен: «Омийин» деди.

- Апа, эмне үчүн Фатиха сүрөсүн окудуңуз? Ал бизге Аллага ибадат кылууну үйрөтөт эле го? - деп сураганда, апасы анын чачынан сылап:

– Оо, менин акылдуу балам, Фатиха Курандын биринчи сүрөөсү жана Куранды ачып берет бизге. Аллага ыраазычылык билдиришибизге себепчи болот. Ал бизди жакшылыкка, туура жолго алып барат. Бизге дабаа болот. Пайгамбарыбыз: «Фатиха ар бир дарттын дабаасы» деп айткан. Дени сак болуу үчүн окусак, оорубузду да айыктырат. Ал тургай, Пайгамбарыбыз ооруган жерге колун коюп, Фатиханы окуп үйлөгөндө Алла да ал ооруну айыктырган экен.

Али толкунданып ордунан ыргып турду да:

- Апа, апа, ичим ооруганы өтүп кетти, - деп сүйүнгөнүнөн секирип кирди.

Алла аруу жана таза, Ал таза болгондорду жакшы көрөт.

Биздин улуу Жаратканыбыз аруу жана таза, ошондуктан ал таза адамдарды абдан жакшы көрөт.

Анда, биз кантип таза болуп жүрө алабыз?

Жаман сөздөн оозубузду,
Жаман нерседен көзүбүздү,
Жаман сөздөн кулагыбызды,
Жек көрүүдөн жүрөгүбүздү
Жаман иштерден кол-бутубузду сактасак, ошондо биз таза болобуз.

Жаман сөз укканыбызда,
Ката кетирип капа болгонубузда,
Жаман ойлорду ойлогонубузда,

“اَسْتَغْفِرُ اللّٰهَ الْعَظِيمَ وَاَتُوبُ اِلَيْهِ”

“Астагфируллах ал-азийма ва атуубу илейхи”

(Мен улуу Алла Тааладан кечирим сурайм, Ага тообо кылам)

Деп айталы да, таза бололу!

Денем да таптаза

Денебизди таза кармоо үчүн:

Тишибизди жууп-тазалап, күндө даарат алып, жок дегенде жумасына бир жолу жуунабыз.

Пайгамбарыбыз: “Чындыгында менин үммөтүм кыямат күнү дааратты изинен улам жүздөрү нурдуу, колу-буту жарык болуп чакырылат. Жүзүнүн нурун арттыргысы келген адам даарат алсын» деп айткан (Бухари, Вуду 3; Муслим, Тахарат 35).

Силер да нурдуу болуп жарк этип, көргөн көздү таң калтыргыңар келеби?

Анда, келгиле даарат алалы.

Кантип дейсиңерби? Келгиле үйрөнөбүз:

Даараттын шарты төрт,
(Төрт манжаны көрсөтөбүз)

1. Бетибизди жуу, (Колдорубуз менен бетибизди сылайбыз)
2. Эки колубузду чыканак менен бирге жуу,
   (Колдорубузду чыканак менен кошо сылайбыз)
3. Башыбыздын төрттөн бир бөлүгүн суу кол менен сылоо,
   (Башыбызды сылайбыз)
4. Буттарыбызды кызыл ашык менен кошо жуу
   (Буттарыбызды жууп жаткандай кылып сылайбыз)

(Андан кийин үч жолу кол чабабыз)

Жок дегенде бир жумада бир жолу жуунуп турушубуз керек. Ошондо денебиздеги микробдор жоголуп, ар кандай оорулар да жукпайт. Мына ушинтип жуунган “гусул” деп аталат.

Гусулдун парзы үч, (Үч манжаны көрсөтөбүз)

1. Оозду суу менен чайкоо, (Оң кол менен оозго суу алып чайкагандай кылабыз)
2. Мурунга суу алуу, (Сол кол менен мурунга суу алгандай кылабыз)
3. Бүт денебизди жуу, (Бардык денени кол менен өйдөдөн ылдыйга карай сүртөбүз)

(Андан кийин үч жолу кол чабабыз)

Эми эмне кылабыз?

Али менен Айша: **«ат-Тухууру шатрул Ыйман (Тазалык ыймандын жарымы)»** (Муслим, Тахарат, 1) деп хадис айтып оюн ойноп жатышты.

Айша:

- Али, билесиңби, мен даарат алганды үйрөнгөндөн бери дүкөнчү эже мени көргөндө “нур жүздүү кыз” деп айта баштады, - деди.

Али толкунданып:

- Чын эле, кошуна эже да мага ошентип айтып жатат. Даарат алган сайын жүзүм аябай жаркырап көрүнөт окшойт да. Агам да: “Жытың сонун экен” мени кучактап жыттайт, - деди.

Айша:

- Кандай сонун! Анда дайыма даарат алып жүрөлү, бирок кээде суу жок болуп калат да. Анда эмне кылабыз, Али? - деп сурады.

Экөө терең ойго батып кетишти. Ошондо мечиттин имамы өтүп бара жаткан. Ал аларды көрүп:

- Эмне болду балдар? Эмнеге капа болуп отурасыңар? - деп сурады.

Али:

- Суу жок болгондо эмне кылабыз, кир болуп кетебизби? Анда жыттанып кетпейбизби? Ыйманыбыз эмне болот? Жаркыраган нурубуз жоголуп кетпейби? Анда эмне кылабыз? - деп сурай баштады шашкалактап.

Имам:

- Али, шашпачы, бирден сурачы. Кантип эле сен айткандай болсун? Алла аруу, таза жана тазалыкты жакшы көрөт. Бизди таза болсун деп жерди жараткан. Жерге бизге зыян келтире турган микробдорду жок кыла турган бактерияларды да катып койгон. Колубузду жерге сүртүп да тазалана алабыз. Бул «таяммум» деп аталат, - деди.

Али менен Айша: “Оо, кандай сонун!” - деп ордуларынан секирип тура сүйүнө кетишти. Имамдын үйрөткөнү боюнча колдорун жерге сүртүп, таяммумдун парздарын санай башташты.

Таяммумдун үч парзы бар (Үч манжа көрсөтүлөт)

1. Ниет кылуу (Эки кол жүрөктүн үстүнө коюлат)
2. Таза жерге колду сүртүп, аны менен бетти сылоо (Эки кол жерге тийгизилип, анан бетке сүртүлөт)
3. Таза жерге колду сүртүп, аны менен эки колду сылоо (Эки кол жерге тийгизилип, анан чыканак менен бирге эки колго сүртүлөт)

(Андан кийин үч жолу кол чабылат)

Келгиле, биз да ойнойлу!

1

Даарат, гусул жана таяммумдун парздарын жаңылмач сыяктуу айтып, эки жумада бир кайталап, жаттап алалы.

2

Андан кийин Ислам менен ыймандын шарттарын чогуу айталы. Унду бийик чыгарып, шаттуу кылып айталы.



Көрөлучу, ким адашпай, такалбай эң сонун кылып айта алат экен!

Намаз менен жакшырам

Эми силерге бир табышмак айтам.
Бул табышмак ибадат жөнүндө.
Кана эмесе, ким таба алат экен?

Бул ибадатты кылгандар бардык жаман жүрүм-турумдардан тазаланат. Көңүлү эс алып, жүрөгү тынчтык табат. Бул ибадат бизге кылдат жана тартиптүү болууну үйрөтүп, ийгиликке алып барат.

Таптыңарбы, достор?

Анда, намаз тууралуу көбүрөөк билүү үчүн ырыбызды ырдайлы. Даярсыңарбы?

Эрте менен, түштө да,
Түштөн кийин, күн батканда,
Андан кийин жатаарда.
Мен 5 убак намаз окуйм күнүгө.
Дайыма так боломун Аллага берген сөзүмө.
Жамандыктан арылам,
Адептүү балага айланам.
Маңдайымдан жаркыраган нур чыгат,
Пайгамбарым мени дароо таанып алат.
Асманды айланып, миражга чыгабыз,
Периштелер менен бирге учабыз!
Биз сүйүүбүздү Аллага тартуулайбыз.
Эрте менен, түштө да,
Түштөн кийин, күн батканда,
Андан кийин жатаарда.
Мен 5 убак намаз окуйм күнүгө.
Дайыма так боломун Аллага берген сөзүмө.

“Эң бекем түркүк” деген оюн

Ооба, Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) **“ас-Салаату имадуд-дин”** (Намаз диндин түркүгү) деп айткан. Кана, муну баарыбыз чогуу айталычы, бизди жыкканга мугалимибиздин күчү жетет бекен? Ким катуу айтса, ошол эң бекем түркүк болот. Кана кеттик!

Намаз – Алланын бизге берген жакшылыктары үчүн ыраазы болуунун белгиси. Биз намаз окуп, Аллага рахмат айтып, шүгүр кылган сайын Ал: «Намазды таштабай окуган пенделеримди карагылачы... Мына ошолор үчүн чоң сыйлыктарды берем” (Ниса сүрөсү, 162-аят) деп сүйүнчүлөйт.

Андай болсо, эмне турабыз, дароо намаз окуганды үйрөнөлү да, чоң белектерге ээ бололу.

Намаздын 12 парзы бар, 12.
6 сыртында (Манжалар менен алтыга чейин санап, сыртты көрсөтөбүз),
6 ичинде (Манжалар менен алтыга чейин санап, ичкерини көрсөтөбүз).

Сыртындагы парздар:

1. Даарат алуу (Бети-колду жууп жаткандай кыймыл кылынат),
2. Кирлерден тазалануу (Кийимин колу менен кагып, жайнамазды колу менен сүртүп тазалайт),
3. Кийим кийүү (Үстүнө кийим кийгендей кылынат),
4. Кыбылага кароо (Кыбыла тарап көрсөтүлөт),
5. Убакыттын кириши (Колдогу саатты көрсөтүлөт),
6. Намазга ниет кылуу (Кол жүрөктүн үстүнө коюлат).



Ичиндеги парздар:

1. Аллаху Акбар деп такбир айтуу (Такбир алгандай кол көтөрүлөт),
2. Түз туруу (Колу-бут түздөлүп тик турулат),
3. Куран окуу (Кол менен ооз көрсөтүлөт),
4. Руку (Рукуга бара тургансып ийилет),
5. Сажда кылуу (Сажда кылынат),
6. Отуруу (Баары чогуу отурушат).

Айша намаз окуй баштады

Айша намаз окуганды жаңы эле үйрөнгөн эле. Куранда намаз жөнүндө эмне деп айтылганына кызыга баштады.

«Намазды таштабай окуган пенделеримди карагылачы... Мына ошолор үчүн чоң сыйлыктарды берем” (Ниса сүрөсү, 162-аят).

Айша өзүнчө: «Мен да Алла менен сүйлөшсөм болобу? Ал мени угабы? Бул эмне деген чоң сыйлык болду экен? Мен аны ала алambы? Муну билүү үчүн дароо намаз окушум керек” деп ойлонуп намаз окууну уланта берди. Бирок эмнегедир Айша күндөн-күнгө өзүнчө капалана бере турган болуп калды. Аны байкаган Али бир күнү:

- Айша, акыркы убактары сен башкача болуп калдың го, эмнеге мынча капа болуп жүрөсүң? – деп сурады. Айша:

- Билесиңби, мен да сендей болуп намаз окуй баштадым, - деди. Али:

- Ооба, аны байкадым. Алланын буйругун аткарып жатканыңа аябай кубандым, - деп айтты. Айша:

- Мен намазды туура окуп жаттым бекен? Алгач аябай толкунданып окуп жүрдүм эле. Азыр жаман адаттарым дагы деле уланып жатканын көрүп, капалана турган болуп калдым, - деди. Али:

- Туура айтасың, намаз адамдарды жаман иштерден сактайт. Бирок бул оңой эмес, көнүп калган жаман адаттарыбыздан бир-эки күндө эле арыла албайбыз. Калтырбай, чын жүрөктөн берилип окулган намаз адамдарды жамандыктан сактайт.

Айша:

- Али, жаман жүрүм-турумумдан улам Алла мени менен сүйлөшпөй жатат окшойт деп ойлоп жатам. Ал мага жакшы сыйлыктарды бербейт окшойт, - деди. Али:

- Ошондой да болчу беле, Айша? Алла өзү жакшы көргөң пенделери менен бирге болууга мүмкүндүк берет, андай адамдарды өзүнүн жанына алып келет, - деди. Айша:

- Демек, намаз окуу Алланын мени жакшы көргөнүнүн белгисиби? – деп сурады. Али:

- Ооба, Айша, ар ким эле сажда кыла бербейт, Алла бир гана Ага ишенгендер менен сүйлөшөт, - деп жооп берди. Айша:

- Кандай сонун! Билесиңби Али? Мен бул дүйнөдө эле эң чоң сыйлыкты алдым. Мындан жакшы сүйүнчү болобу? Алла мени жакшы көрөт, Алла мени жакшы көрөт!

Намаз менен эң бийикке чыгабыз

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Миражга көтөрүлгөндөй, биз да намаз окуганда бийиктиктерге чыгабыз. Билесиңерби? Намаздын акырында отурганда Пайгамбарыбыз менен Алланын сүйлөшкөндөрүн окуйбуз. Кудум эле Мираждагы сыяктуу. Бул окуганыбыз периштелерге аябай жакканы үчүн, алар шахадат келмесин айтышат. Бул дуба "Аттахият" деп аталат. Келгиле, бул дубаны жаттайлы да, биз да Пайгамбарбыз сыяктуу Алла менен сүйлөшөлү.

Аттахият дубасы

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

اَلتَّحِيَّاتُ لِلّٰهِ وَ الصَّلَوَاتُ وَ الطَّيِّبَاتُ * اَلسَّلاَمُ عَلَيْكَ اَيُّهَا النَّبِيُّ
وَ رَحْمَةُ اللهِ وَ بَرَكَاتُهُ * اَلسَّلاَمُ عَلَيْنَا وَ عَلَى عِبَادِ اللهِ الصَّالِحِينَ *
اَشْهَدُ اَنْ لاَ اِلٰهَ اِلاَّ اَللّٰهُ وَ اَشْهَدُ اَنَّ مُحَمَّداً عَبْدُهُ وَ رَسُولُهُ

"Аттахийяту лиллахи вас-салаваату ват-тайиибаат. Ассалааму алейка аййухан-набиййу ва рахматуллаахи ва баракаатух. Ассалааму алейнаа ва алаа ибадиллахис-саалихийн. Ашхаду ан лаа илааха иллаллаху ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух."

Маани:

Тил, дене жана мүлк менен жасалган бардык ибадаттар, жакшы иштер бир гана Алла үчүн. Оо, Пайгамбар! Сага Алланын саламы, ырайымы жана берекеси болсун. Бизге жана Алланын бардык жакшы пенделерине салам болсун. Алладан башка кудай жок экенине күбөлүк берем. Мухаммед Анын пендеси жана элчиси экенине күбөлүк берем.

Бейиш достугу

Али: Бейиш кандай жер экен деп ар дайым кызыга берем. Сенчи?

Айша: Мен да чындап эле абдан кызыгам. Апам мага анын биз ойлогондон да алда канча кооз деп айтып берген эле.

Али: Туура жүрсөк, калп айтпасак, бейиштин кандай экенин чогуу көрөбүз, кудай буйруса.

Айша: Али, мен да ошентип ойлойм. Анда экөөбүз аябай жыргайбыз ээ?

Али: Албетте, абдан жакшы болот да! Мен билгенден, бейиште түстүү асыл таштар менен кооздолгон абдан чоң жана кооз эшик бар экен. Эшиги эле ушундай кооз болсо, эшиктин артында эмне бар болду экен?

Айша: Ошол эшиктен кирип, бизге даярдалган белектерди алып, жыргасак кандай гана сонун болмок ээ, Али?

Али: Ооба да, ким эле муну каалабайт экен!

Айша: Туура айтасың. Бейиштин ал эшигинен кимдер кире алат болду экен?

Али: Пайгамбарыбыз: «Бейиште Раййан деген эшик бар. Ал эшиктен орозо кармагандар гана кирет. Орозо кармагандар киргенден кийин жабылат, ал жактан эч ким кире албайт» (Бухарий, Савм, 4; Муслим Сыям, 166) деп айткан.

Айша: Анда орозо кармайлы, соопторубузду арттыралы. Ансыз деле орозо кармала турган Рамазан айы да келе жатат.

Али: Жакшы, биз да Раййан эшигинен кирип, ичинде эмне бар экенин көрөбүз жана бейиште да дос боло алабыз...

Рамазан айында бардык мусулмандар орозо кармашы керек.
Орозо кантип кармалат деп ойлонуп жатасыңарбы? Келгиле, билип алалы.

Кана эмесе, орозону баштайлы!

1. Саарлык

Орозо саарлык менен башталат
(Көздү ушалап, уйкудан ойгонгондой кылынат),
Дасторкон жайып, тойгузулат курсак
(Тамактанып жаткандай кыймыл кылынат).

2. Ооз бекитүү

Ооз бекитүү убактысы келгенде оозубузду жабабыз
(Ооз кол менен сыдырылып жабылат),
Андан кийин тамак жебейбиз (Алгач тамак жегендей кыймыл кылынып, анан “болбойт” деген ишарат жасалат),
Суу ичпейбиз (Суу ичкендей кыймыл кылынып, анан “болбойт” деген ишарат жасалат),
Жаман сөз айтпайбыз, айтканды да укпайбыз
(Биринчи ооз, андан кийин кулактар кол менен жабылат).

3. Ооз ачаар

Ооз ачаар болгондо дуба кылабыз
(Дуба кылып жаткандай алакан жайылат),
Суу ичебиз, тамак жейбиз
(Тамактанып жаткандай кыймыл кылынат)
Бизге берилген ырыскы үчүн Аллахка шүгүр кылабыз.

Пайгамбарыбыз орозодо балдар менен өзгөчө алектенген, курсактары ачканын сезбесин деп алар менен ар кандай оюндарды ойногон. Балдар убакыттын кантип өткөнүн да билбейт калышат эле.

Орозо менен күчтөнөбүз!

“Алар – тообо кылуучулар, ибадат кылуучулар, Алланы даңктоочулар, орозо тутуучулар, (намаз окуп) рүкү, сежде кылуучулар, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосуучулар жана Алланын чектерин сактоочулар. Момундар-мусулмандарга сүйүнчүлө!” (Тооба сүрөсү, 112-аят)

Биз канчалык ибадат кылган сайын Алла бизге белектерди даярдап коёт. Ал бизди аябай жакшы көрөт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) айтты: “Орозо кармагыла, ден соолугуңарды чыңдагыла” (Табераний, Муъжамул-авсат, VIII, 174).

Эмнеге мындай деген?

Орозо кармаганда денебиз ачкачылыкка каршы күчтөнөт. Микробдор денебизди жеңе албайт, анан биздин ден-соолугубуз чың болот.

Ошондо ачка жүргөндөрдүн да абалын түшүнөбүз. Каалаганыбызды эле жей бергендин зыян экенин билебиз.

Карагылачы, орозо бизди бул дүйнөдө күчтөндүрөт, а акыретте болсо Раййан деген өзгөчө эшик менен бейишке киргизет!

ОРОЗО АЙЫ ЖАНА АНЫН БЕЛЕКТЕРИ

Рамазан айы – орозо айы.

Бул айда орозо кармап, тазаланабыз. Ар бир кылганыбыз үчүн көптөгөн сыйлыктар берилет.

Куран бул айда түшүрүлгөн. Жабраил периште Пайгамбарыбыз менен Куранды бул айда башынан аягына чейин окуп турушчу.

Рамазан айында өзгөчө бир түн катылган. Анын аты Кадыр түн. Ушул түнү бардык периштелер жерге түшүшөт, Аллага дуба кылып жаткандарга салам беришет, аларга жардамдашат. Алла бардык дуба-тилектерди кабыл кылат. Ошол түнү кылынган бардык жакшылыктарга миң эсе бейиш упайларын берет. Бейиш упайы эмне? Албетте, бейиштеги белектерди утуп алышыбыз керек болгон сооптор.

Кандай сонун!
Күтө тургула, дагы бүтө элек.
Дагы башка эмне болушу мүмкүн?
Албетте, ОРОЗО АЙТ!
Бул күндөрдү орозо менен өткөрүп:

ЖҮЗҮБҮЗДӨН ЖЫЛМАЮУ КЕТПЕЙ,
ЧЫДАМКАЙЛЫК МЕНЕН,
БИРИ-БИРИБИЗГЕ ЖАРДАМДАШЫП,
ТУУРА СҮЙЛӨП,
ТАК ЖҮРГӨНҮБҮЗ ҮЧҮН

Алла Таала
бизге майрам
тартуулаган.

Пайгамбарыбыз: «Ар кимдин майрамы бар, бул да биздин майрамыбыз. Майрам – кубанычтын, сүйүнүчтүн күнү» (Бухарий, Идайн, 3) деген. Анда биз да майрамды кубаныч менен белгилейли.

Майрамда эмне кылабыз?

Таза кийимдерибизди киебиз.

Айт намазын окуйбуз.

Үй-бүлөбүз менен куттукташабыз.

Белек беребиз.

Таарынгандарды жараштырабыз.

Улууларды зыярат кылабыз.

БЕРГЕН САЙЫН КӨБӨЙГӨН ИБАДАТ

Биздин динибиз – боорукердиктин дини. Ар бир мусулман тапкан акчасынан колунда жокторго да берет, акчасын жана мүлкүн бөлүшөт. Ошентип, айланабызда муктаж адамдар болбойт. Бардык адамдар зекетин беришсе, дүйнөдө кедей-кембагалдар калбайт.

Алла Таала Муъминун сүрөсүнүн алгачкы төрт аятында мындай деп сүйүнчүлөйт: «Чындыгында, момун-мусулмандар – ийгиликке жетишти. Алар намаздарында коркуу менен (окушат). Маанисиз иштерден (сөздөрдөн) жүз үйрүшөт. Алар зекетин да беришет».

Зекет берилгенде дүйнө жүзү боюнча жакырчылыктан жапа чеккен эч ким калбайт.

Зекет берилгенде бардык мусулмандар молчулукта, токчулукта жашашат.

Зекет берген сайын байлыгыбыз да көбөйөт.

СҮЙҮНЧҮ

“Мен силер менен биргемин, эгер намаз окусаңар, зекет берсеңер, элчилериме ыйман келтирип, аларга жардам берсеңер жана Аллага көркөм карыз берсеңер, албетте, силердин жамандыктарыңарды жоюп, алдынан дарыялар агып туруучу бакчаларга киргизем”.

(Маида сүрөсү, 12-аят)

КӨҢҮЛ БУРГУЛА

Алла зекет бербегендер, мактаныч үчүн иш кылгандар тууралуу бизге Маун сүрөсүндө айтып берет. Силер алар сыяктуу болбогула, өзүңөр бактылуу болуш үчүн башкаларды бактылуу кылгыла дейт.
Андыктан, келгиле, Маун сүрөөсүн үйрөнөлү.

Маун сүрөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

أَرَأَيْتَ الَّذِى يُكَذِّبُ بِالدِّينِ (١) فَذلِكَ الَّذِى يَدُعُّ الْيَتِيمَ (٢) وَلاَ يَحُضُّ عَلَى طَعَامِ الْمِسْكِينِ (٣) فَوَيْلٌ لِلْمُصَلِّينَ (٤) الَّذِينَ هُمْ عَنْ صَلاَتِهِمْ سَاهُونَ (٥) اَلَّذِينَ هُمْ يُرَآؤُنَ (٦) وَيَمْنَعُونَ الْمَاعُونَ (٧)

“Ароайталлази йуказзибу бид-дийн. Фазааликаллази йадуъул-йатийм. Ва лаа йахуззу алаа тоамил-мискийн. Фавайлул лилмусаллийн. Аллази хум ан солаатихим саахуун. Аллазийна хум йуроъуун. Ва йамнаъуунал-маъуун”.

Бул сүрөдө эмнелер айтылат?

Маун сүрөсү 7 аяттан турат, 7 аят.
Меккеде түшүрүлгөн.
Кыяматты жалганга чыгаргандардын абалын көрдүңбү?
Алар жетимдерди кагып-силкет, кедейлерди карабайт,
Намазды өзүн көрсөтүү үчүн окушат.
Алар зекет да беришпейт.

Мен да зекет бергим келет

Али зекет тууралуу үйрөнгөндөн баштап абдан толкундана баштады. Ал да зекет бергиси келип жүрдү. Мугалимге:

«Мен да зекет бергим келет», - деди ал.

Мугалим жылмая:

- Сен али баласың, зекет берүү үчүн чоңоюш керек. Зекет бай, жашы чоң адамдар аткара турган ибадат. Сен сыяктуу балдарга али эрте, - деди.

Алинин көңүлү чөгө түштү. Себеби ал дагы адамдарды сүйүндүрүүнү жана Алланын сүйүүсүнө жетүүнү каалаган эле.

Мугалим аны капалуу көргөндө:

- Али, сен азырынча зекет бере албасаң да, анын ордуна садага берсең болот. Садага да зекет сыяктуу эле, ал дагы адамдарды сүйүндүрөт жана Алланын сүйүүсүнө жеткирет.

Али толкунданып: «Эми эмне берсем экен?» деп ойлоно баштады. Колун чөнтөгүнө салды. Бирок эч нерсе чыккан жок. Бөлүшө турган тамак-ашы да жок болчу. Көңүлү чөгүп бир бурчка отурду. Анын кыйналып жатканын түшүнгөн мугалими жанына барып, кулагына бир нерселерди шыбырады. Али кубанганынан секирип ордунан туруп жылмайып кирди. Достору да ага не болгонун түшүнбөй калышты.

- Сага эмне болду, эмнеге жылмайып жатасың? - сурашты алар.

- Мугалим айтты, Пайгамбарыбыз: “Жылмаюу да садага” (Тирмизий, Бирр, 36) деген экен. Жылмайсам, садага бергендей болуп менде бейишке упай топтолот экен. Жашасын!..

Достору: «Ой, кандай сонун, келгиле анда баарыбыз жылмайып жүрөлү» дешип, баары кол кармашып чуркай башташты. “Жылмаюу да садага, жылмаюу да садага” дешип пайгамбарыбыздын хадисин кайталап айтып жатышты. Алдыларынан чыккан адамдарга жылмаюу менен жылуу салам айтып, кубанычтары койундарына батпай баратышты. Алардын бул кубанычтуу жана жылуу саламы ары-бери өткөн-кеткендердин да көңүлүн көтөрүп, алардын да жүзүнө таттуу жылмаюуну алып келди...

БАРДЫК МУСУЛМАНДАР ЖОЛУГУШКАН ЖЕР

Алла Таала Куранда: «Алла үчүн ажылык менен умраны толук аткаргыла...» дейт (Бакара сүрөсү, 196-аят). Алланын мына ушул айтканына баш ийген мусулмандар дүйнөнүн ар тарабынан Каабага келишет.

Алгачкы инсан жана пайгамбар Азирети Адам кичине катачылыгынан улам бейиштен чыгарылып, жер жүзүнө түшүрүлгөн. Дүйнө жүзү бейиштей эмес эле. Кичинекей, тоолору, даректары, деңиздери кунарсыз, бейиштегидей жыпар жыт жок, кызыксыз жер болуп көрүндү. Ал жылдар бою Алладан кечирим сурады. Анын айтканын унутуп, ката кетирип бул кызыксыз дүйнөгө келип калганы үчүн абдан өкүндү. Бейишти сагынып, бир көрсөм деп Аллага жалбарып дуба кылып жүрө берди. Ошентип жүргөн бир күнү эле көргөн көзүнө ишене албай туруп калды!

Бейиште жүргөндө көргөн периштелер! Алар бейиште бир жерди айланып, Алланы эстешчү. Мына, периштелер жана тигил жер, так ошол! Кандай гана сонун! Азирети Адам абдан, абдан бактылуу болду. Азыркы Кааба турган жер анын бейиште көргөн жери болчу! Дароо Каабанын пайдубалын түптөдү. Бейишке болгон сагынычы жеңилдеп, көңүлү бейпилдикке толду.

Арадан жылдар өтүп, Азирети Ибрахим уулу Азирети Исмаил менен келип, Каабанын дубалдарын курду.

Арадан жылдар өтүп, Пайгамбарыбыз Каабаны жакшылап тазалап, адамдардын ажылыкка баруусуна шарт түзгөн.

Алланын үйү Кааба – намаз окуганда карай турган кыбылабыз.
Алланын үйү Каабада ошол учурдан тартып азыркы күнгө чейин элдер толуп ташып турат.
Алланын үйү Каабада ар кандай түстөгү жана ар кандай тилдеги адамдар чогулат.
Алланын үйү болгон Кааба адамдарды пикир келишпестиктерге карабай бир тууган кылып бириктирет.
Алланын үйү Кааба – биримдиктин борбору.
Алланын үйү Кааба жүрөктөрдү кубанычка бөлөйт.
Каабага зыярат кылып келгендердин бардык күнөөлөрү кечирилет. Жаңы төрөлгөн ымыркайдай таза, күнөөсүз болушат.



Ажылык оюнун баштайбыз...

Кантип ажы болгонду да үйрөнгүңөр келеби?
Анда келгиле, оюн ойногончо, үйрөнөбүз.
Балдар эки катарга бетме-бет тизилип турушат.

Он эки айдын ичинен ажылык айы – Зулхижжа.
(Айлардын өтүшүн түшүндүргөндөй кол булгалайт).
Ажылык парз болот чөнтөктө акчасы барларга.
(Эки кол менен чөнтөк көрсөтүлөт).
Ажылыктын парздары кайсылар, билесиңерби?
(Эки кол алдыга сунулуп, баш ийкелет).
Ниет кыламын, ихрамга киремин.
(Кол жүрөккө коюлуп, кийим кийип жаткандай кыймыл кылынат).
Каабага барамын, аны айланып таваф кыламын.
(Ордунан жылбай туруп кадам таштагандай эки жолу буттар кыймылдатылат).
Арафатка барамын, ал жерде эс аламын.
(Өйдөгө чыккандай болуп, анан отурулат).
Муздалифага барамын, көп-көп дуба кыламын.
(Баскандай кылып, андан кийин алаканды жайылат).
Айт күнүнүн таңында шайтанга таш ыргытамын.
(Ойгонуп, таш ыргытып жаткандай кыймыл кылынат).
Курманчылык соёмун, чачымды алдырамын.
(Бычак менен кесип жаткандай кылынат, анан эки кол менен чач көрсөтүлөт).
Ихрамдан чыгамын, дагы бир таваф кыламын.
(Акырын басып ар ким өзүнүн тушунда турган бала менен орун алмашат).
Марва менен Сафанын ортосунда басамын.
(Ылдам басып ар ким өзүнүн тушунда турган бала менен орун алмашат)
Ажы боломун, күнөөдөн тазаланамын.
(Эки кол көтөрүлүп, дене тазалангандай сыйпаланат).
Ажы боломун, кубанычка батамын.
(Колдор көтөрүлүп, эки жолу секирилет).

Баары бир жерде

Али ак кездемеден жасалган ихрам кийимин оронду. Анан толкунануу менен Каабаны көздөй кадам таштай баштады. Аябай толкунданып кетти. Кааба кандай болду экен? Оң жагында, сол жагында, алдында жана артында ар кандай тилдеги жана түстөгү адамдар бар болчу. Бардыгы ар башка, бирок чогуу бир багытта басып, бир нерсени айтып жатышты. “Лаббайк аллохумма лаббайк”.

Дүйнөдөгү бардык мусулмандар так ушул убакытта, так ушул жерде чогулуп тургандай сезилди.

Этият болбогондо мусулман бир тууганын түртүп жибермек, бирок андай кылган жок.

Бутун басып алмак, бирок баскан жок.

Жанын өтүп бараткандар менен түртүшүп кетип жатты кээде, бирок эч ачуусу келген жок.

Анткени алардын баары бир эле нерсе үчүн келишкен. **Алланын ыраазычылыгы үчүн...** Ал ошондуктан өтө чыдамдуу эле жана дайыма жылмайып турду.

Ал аны сүзүп алгандарга жылмайып койду.

Алдынан чыккандарга салам айтып, тамагын жанында турган адам менен бөлүштү.

Аксакалдардын колунан кармап жардам берди.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам): «Алла үчүн жасалган эң жакшы иш – жакшылык менен аткарылган ажылык» (Бухарий, Хаж, 4) деген эле.

Анан Каабага абдан жакын келишти. Салам эшигинен кирип Каабаны көрө алмак. Жүрөгү дүкүлдөп катуу согуп жатты. Каабаны биринчи жолу көрөт эле. Биринчи көргөндө айтылган тилекти Алланын кабыл кыларын билет эле. “Лаббайк аллахумма лаббайк” деген үндөр кулагын тунжурап жатты.

Мына, мына... Жакындады, жакындады, жакындады, жүрөгү ордунан чыгып кетчүдөй болуп согуп жатты. Бир саамга терең дем алып, көзүн бекем жумду...

Кайра шашылып көзүн ача салса эле маңдайында апасы жылмайып турган экен. Ал “Кутман таң, Али. Ойгондуңбу, балам?” десе болобу...

«Мен... Мен... Ажылыкка барат элем...» деп гана мукактанып айта алды Али. Анан мектепке барганда досторуна түшүн айтып берди. Ажылыктын кандай сонун экенин жана аны кантип аткаруу керек экенин айтып берди. Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам): «Алла үчүн жасалган эң жакшы иш – жакшылык менен аткарылган ажылык» деген хадисин айтты.

Досторуна да бул хадис аябай жакты. Баары чуркагандай түр көрсөтүп, “сонун” дегендей башбармактарын көрсөтүшүп бул хадисти кайталап айтып жатышты. Ал эми мугалимдер аларды сыймыктанып карап турушту.

Ажылык сыяктуу сабырдуулук менен жасалган ибадаттын соңунда эмне бар?

Албетте, МАЙРАМ бар!

Курман айт майрамы

Курман айтта мүмкүнчүлүгү барлар Алла үчүн уй, кой, төө сыяктуу жандыктарды союшат.

Курмандыктын этин кедей-кембагалдарга, кошуна-колоңдоруна, тууган-уруктарына беришет. Бул майрамда эч ким ачка калбайт.

Курмандык – кайрымдуулук майрамы. Курмандык байлар менен кедейлерди бири-бирине жакындатат.

Бул майрам курмандыкка чалынган жандыктардын да майрамы. Кантип?

Алла үчүн курмандыкка чалынбаган жаныбарлар өлгөндө жок болуп кетишет. Ал эми Курман айтта союлгандар бейишке барат. Ал жерде бизди күтүп турат. Сырат көпүрөгө келип, бул жерден кантип өтөбүз деп сарсанаа болуп турганыбызда, дароо пайда боло калышат да, “кана, мага мине калчы, сени бейишке алып барайын” дейт. Биз ага секирип минебиз да, жылуу, жумшак жүндөрүн кучактап, «Сени менен бейишке келдим, сени ушул кыйын көпүрөгө таштап кетет белем» дейт жана алар бизди бейишке алып кетишет.

Алгачкы курмандык кантип союлган?

Билесиңерби, эмне үчүн курмандык чалабыз?

Азирети Ибархимдин баласы болгон эмес. Адептүү, акылдуу балам болсо деп аябай кыялданчу. Күнү-түнү Аллага жалынып-жалбарып дуба кылып, «Оо, Жараткан, мага бала бер. Эгер бала берсең, мен аны курмандыкка чалам» деп айтат эле.

Алла да Ибрахимге нур жүздүү наристе берди. Анын атын Исмаил коюшту. Исмаил абдан акылдуу, адептүү бала болуп чоңойду.

Күндөрдүн биринде Ибрахим түшүндө уулун курмандыкка чалып жатканын көрөт. «Бул кандай түш?» деп ойлонуп калды. Эртеси түнү дагы баягы түшүн көрдү. “Бул Алланын мага эскертүүсү болуп жүрбөсүн” деп дагы ойлоно баштады. Үчүнчү түнү дагы ошол эле түштү кайра көргөндө бир кезде Аллага берген убадасын эстеди.

Акыры ойлонуп, убадасын аткарайын деп аялы Азирети Хажарга: «Уулубузду, жуундуруп даярда. Эртең аны досума алып барам”, - деди.

Азирети Хажар Исмаилди жакшылап жуундуруп, кийиндирди. Ошондо ага шайтан адам кейпинде келип: “Хажар, атасы уулуңду каякка алып баратканын билесиңби?» деп сурайт. Азирети Хажар “Досуна” деп жооп берет. Шайтан “Андай эмес, аны курмандыкка чалганы бара жатат, барып куткар”, - дейт. Азирети Хажар: “Ким айтты?” – деп сураганда ал: «Ким болот эле, Алла айтты. Бол, чурка, куткар баланды” - дейт. Азирети Хажар жерден таш алып шайтанга ыргытат. «Кет, шайтан, мен сени билем. Алла бизге жамандык каалабайт. Сөзсүз бир себеби бардыр мунун” дейт. Ойлогону ишке ашпаган шайтан Исмаилди да алдайын деп бул жолу ага чуркады. «Исмаил, Исмаил!” деп кыйкырды. “Атаң сени кайда алып баратканын билесиңби?” – деди ага. Исмаил: “Досуна”, - деп жооп берди. Шайтан каткырып күлүп: «Кайдагы досуна! Сени курмандыкка чалат, кач. Тез кач!» - деди. Исмаил муну кайдан билесиң деп сураганда, ал: «Алла айтты. Бол, куткар өзүңдү!» деди. Азирети Исмаил жерден ташты алды да, шайтанга ыргытты. “Кет, ыплас шайтан, сен мени алдай албайсың. Алла бизге эч жамандык каалабайт” деди.

Шайтан: «Мен силерди барибир бейишке киргизбейм» деп Азирети Ибрахимге барып: «Ибрахим, сен эмне кылып жатасың? Алданып калдың, балаңды алып үйүңө бар. Алладан коркпо” деди. Азирети Ибрахим да жерден таш алып шайтанга ыргытып жиберди. «Мен Аллага убада бергем. Сөзүмдө турбасам, калпычы болом. Мен Аллага калп айтпайм» деди.

Шайтан: «Ай, ай, ай. Мен муну дагы алдай албадым» ал жерден да качып кетти.

Ажылыкта ыргытылган таштар мына ушундан калган экен.

Азирети Ибрахим дөбөгө жеткенде: «Балам! Мен Аллага берген убадамды аткарышым керек. Бул анын талабы, биз ага моюн сунушубуз керек» деди. Азирети Исмаил: «Алла эмнени кааласа, биз ага баш ийебиз, атаке. Ага берген убадаңды аткар» деди.

Баласын курмандыкка чалам деп бычак кармаган колун көтөргөндө кочкордун үнү жаңырды. «Эй, токто! Сен Аллага баш ийип, убадаңды аткардың. Бул силерге Алланын сыноосу эле. Силер бул сыноодон өттүңөр. Мындан кийин адамдар адамдарды курмандыкка чалышпасын, өлтүрбөсүн, капа кылбасын. Алла буга тыюу салды. Ал силерге курмандыктарды жөнөттү. Мени курмандыкка чалып, элди тойгузуп, сүйүндүргүлө. Мени бейишке жөнөт» деди кочкордун үнү.

Алла ошол күндү бизге майрам кылып берди.

Кан төгүүгө тыюу салынып, бардык адамдардын жүрөктөрүнө бир туугандык сезими толуп, тынчтыкка бөлөндү.

Жардам сүрөсү

Куранда Аллага ишенгендердин ийгиликке жете турганы айтылган сүрө бар. Ошондуктан биз Ага ишенели, Анын аттарын айталы, Ага дуба кылалы. Ката кетирсек, өкүнүп кечирим сурайлы, албетте Ал бизди кечирет. Бардык жамандыктан сактайт.

Келгиле, эми бул жардам сүрөсүн үйрөнөлү.

Наср (жардам) сүрөсү

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

اِذَا جَآءَ نَصْرُ اللّٰهِ وَالْفَتْحُ (١) وَرَاَيْتَ النَّاسَ يَدْخُلُونَ فِى دِينِ اللّٰهِ اَفْوَاجًا

(٢) فَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ وَاسْتَغْفِرْهُ اِنَّهُ كَانَ تَوَّابًا (٣)

“Изаа жаа насруллахи вал-фатх. Вароайтан-нааса йадхулууна фи дийнилллахи афваажаа. Фасаббих бихамди роббика вастагфирху, иннаху каана тавваабаа”

Бул сүрөдө эмне деп айтылат?

Наср сүрөсү – жардам сүрөсү, 3 аяттан турат, 3 аят.
Мадинада түшүрүлгөн. Сүйүнчү алып келген!
Алланын жардамы менен жеңиш келет деген.
Адамдар Исламга киришет агылып киришет деген.
Ийгиликтин кубанычы менен,
Келгиле, Алланы даңктайлы,
Андан кечирим сурайлы.
Аллах тообаны кабыл кылат,
Муну эч унутпайлы.
Жеңиштин кабары келди,
Пайгамбарыбыз эми дүйнөдөн кетеби?
Бул сүйүнчү бизге кайгы болду,
Бул сүйүнчү бизге кайгы болду.

БИЗ АДЕПТҮҮ БАЛДАРБЫЗ!

ЖАКШЫ БОЛУУГА ЧАКЫРГАН АЛЛАНЫН СОНУН ЫСЫМДАРЫ

Алланын ысымдарын айтууга даярсыңарбы?

Бүт аалам Алланын ысымдарын айтышат. Канаттуулар, арстандар, күн, булуттар жана башкалар...

Кайсынысы менен баштайлы? Келгиле, биринчи арстан бололу. Кана, баарыбыз чогуу айтабыз: «Алла, ар-Рахман, ар-Рахим, ал-Малик, ал-Куддус, ас-Салам, ал-Муъмин, ал-Мухаймин, ал-Азиз, ал-Жаббар, ал-Мутакаббир, ал-Халик, ал-Бари, ал-Мусаввир, ал-Гаффар, ал-Каххар, ал-Ваххаб, ал-Раззак, ал-Фаттах".

Эми дагы жаңы ысымдарды үйрөнсөк болот. Биз Алланын ысымдарын канчалык көп үйрөнсөк, аны ошончолук жакшы тааныйбыз. Алланы тааныган сайын адеп-ахлагыбыз жакшырып, бактылуу болобуз.

Эч ким көрбөгөн жерде кылганыбызды да Алла көрүп турса, мен мындан ары абайлашым керек.

اَلْعَلِيمُ ал-Алим: Ал жердеги, асмандагы көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерселердин баарын билет дегенди билдирет. Анын кабары жок эч нерсе кыймылдай албайт.

Алла мага жакшы менен жаманды түшүнүүгө жардам берет.



اَلْقَابِضُ ал-Каабиз, اَلْبَاسِطُ ал-Баасит: Бардык кайгыбызды кетирүүчү, туура жолдо жүргөнүбүздө көңүлүбүздү жайгарып, туура эмес иш кылганыбызда жүрөгүбүздү кысуучу Алла.

Муну билген адамдар жакшы иштерде жарышып, дайыма биринчи болгусу келет.

اَلْخَافِضُ ал-Хаафиз, اَلرَّافِعُ ар-Раафиъ: Канчалык жашыруун иш кылсак да, аны эч ким көрбөсө да, Алла баарын көрүп, кимдин эмне кылып жатканын билет жана аны жашырат. Жамандык кылгандарды төмөндөтүп, жакшылык кылгандарды жогорулатат.

Анда уят болуп калбашым үчүн жүрүм-турумдарыма өтө кылдаттык менен мамиле кылам. Баары сыйлаган адам болсом кандай жакшы болмок.

اَلْمُعِزُّ ал-Муиз, اَلْمُذِلُّ ал-Музил: Алла адамдарды кылган иштери аркылуу ийгиликке жеткирет. Алардын кадыр-барктуу адамдар болуусуна мүмкүндүк берет. Ал эми жалкоолорго жана адамдарга жамандык кылгандарга ийгилик келбейт. Аларды эч ким сыйлабайт.

Алладан жашырып сөз айта албайм.

اَلسَّمِيعُ ас-Сами: Ал биз айткан сөздөрдү, атүгүл эң алыскы жылдыздардагы эң кичинекей үндөрдү да угат. Ал баарын угат, андан эч кандай жашыруун иш жок.

Алладан жашыруун эч нерсе кыла албайм!

اَلْبَصِيرُ ал-Басир: Ал караңгы түндө кара таштын астында кичинекей кумурска да эмне кылып жатканын көрүп, билет. Андан эч нерсе жашырууга болбойт.

БИЗГЕ ЭҢ ЖАКЫН – АЛЛА!

Ооба, балдар, жаныбызда эч ким жок болсо да, кылганыбызды көргөн бар. Ичибизден айтсак да уккан бар. Биздин бардык жакшылыктарыбызды, каталарыбызды түшүнүп, эскертүүчү Алла бар. Бул дүйнөдө кылган ар бир жакшы кыймыл-аракетибиз акыретте күтүлбөгөн белек болуп алдыбыздан чыгат.
Андыктан баарыбыз жакшы, адептүү инсандардан бололу.
Адамдарды, жаныбарларды, жаратылышты сүйөлү, коргойлу.
Бизге ачуусу келерин билсек да чынчыл бололу.
Бирөөнүн артынан сүйлөбөйлү.
Жүрөгүбүздү жаралагандарга жакшылык кылалы, жакшылыкты үйрөтөлү.
Жолуктурган адамдар менен жылмайып саламдашалы.
Адеп-ахлактуу бололу, дүйнөбүздү бейишке айланталы. Бул дүйнөдө да, акыретте да ийгиликке жетели!

БОЛГОНУ КАНДАЙ ЖАКШЫ!

Силер ойлоп көрдүңөрбү? Көзүбүз жок болгондо эмне болмок?

Көзүбүздүжумалы.Капкараңгы болуп калдыбы? Булуттарды, апаңды, атаңды, досторуңду көрө аласыңбы? Келгиле дуба кылалы.

Оо, Жаратканым, бизге бул ааламдагы кооздуктарды көрүүгө көз бер. (Омийин)

Эми көзүбүздү ачалы. **Алхамдулиллах!** Ооoo-hh Чоң рахмат, Жараткан. Бизге сонун көздөрдү бердиң. Эч нерсени көрө албай, караңгыда жашоо кандай кыйын!

Бутубуз болбосо эмне болмок?

Кана, баарыбыз жерге отуралы, бутубуз жок деп ойлойлу. Эми кантип басабыз? 1,2,3 кеттик! Кана, чуркап көрөлүчү, ким чуркай алат? Бирок эстен чыгарба, сенин бутуң жок, тура албайсың.

Бул абдан кыйын, туурабы? Келгиле дуба кылалы.

Оо, Жаратканым, бизге жакшылыкка чуркай турган буттарды бер! (Омийин)

Эми бутубуз бар, туруп чуркайлы. **Алхамдулиллах!** Чоң рахмат, Жараткан, бизге басканга бут бердиң. Эми оңой эле басып, тез чуркай алабыз.

Күн болбосо эмне болмок?

Келгиле, ойлонуп көрөлү. Бардык жер караңгы. Эч кимди, эч нерсени көрө албайбыз. Күн жок болгондуктан жылуулук да жок. Аба ырайы суук, суук, суук, тоңуп калабыз. Анда жакыныраак бололу, балким бир аз жылынаттырбыз... Кучакташалы, аябай суук, бири-бирибизди да көрө албайбыз... Дуба кылалы, болбосо азыр тоңуп калабыз.

Оо, Жараткан! Бизге күн бергин. Ар күнү асманга кайра көтөрүлүп, бизди жарыктандырып, денебизди жылытсын (Омийин)

Алхамдулиллах! Кудайга миң мерте шүгүр. Биз үчүн кандай сонун күндү жараткан. Бизди кыйналбасын деп, ал бизге көп нерселерди жаратты...

Алла бизге ушунчалык кам көрүп, баарын берип жатса, анда эмне кылышыбыз керек? Биз Ага дуба кылып, ыраазычылык айта алабыз. **Алхамдулиллах** дейбиз! Куран китебибизди окуп түшүнсөк, анын аяттарын жашай алабыз! Ибадат кылуу менен Аллага ыраазычылык билдире алабыз!

Алланын алдындагы милдеттерибизди үйрөткөн сүрө

Кандай сонун! Мунун баары биздин Алланын алдындагы милдеттерибиз. Курайш сүрөсү менен биз чөлдүн ортосунда мурунку адамдарга берилген бардык жакшылыктарды эстейбиз жана ошондой эле Азирети Адам бейиште көргөн дүйнөдөгү кооз жана ыйык Каабаны курган Жаратканыбызга шүгүр кылууну үйрөнөбүз.

Курайш сүрөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

لِاِيلَافِ قُرَيْشٍ (١) اِيلَافِهِمْ رِحْلَةَ الشِّتَآءِ وَالصَّيْفِ (٢) فَلْيَعْبُدُوا رَبَّ

هٰذَا الْبَيْتِ (٣) الَّذِى اَطْعَمَهُمْ مِنْ جُوعٍ وَآمَنَهُمْ مِنْ خَوْفٍ (٤)

“Ли ийлаафи курайш. Ийлаафихим рихлаташ-шитааи вас-сойф. Фалйабудуу робба хаазал-байт. Аллазии атамахум мин жууин ва ааманахум мин ховф”

Бул сүрөдө эмнелер айтылат?

Курайш сүрөсү, Курайш сүрөсү 4 аяттан турат, 4 аят. Ал Меккеде түшүрүлгөн. Пил окуясынан кийин, Курайштагы келишим менен жайкы жана кышкы сапарлар коопсуз болуп калды. Жайкы жана кышкы сапарларда кайгы калбады. Эми ушул үйдүн ээсине ибадат кылышсын. Анткени ал курайштыктарды ачкачылыктан тойгузуп, коркунучтан сактады.

МЕНИН СҮЙҮКТҮҮ ПАЙГАМБАРЫМ!

Пайгамбарыбыздын алдында кандай милдеттерибиз бар?

Келгиле, ойлонуп көрөлү. Пайгамбарыбыз Ислам динин үйрөтүүгө канчалык аракет кылган?

Динибизди үйрөнүп, бактылуу жашашыбыз үчүн жан үрөп, тынымсыз иштеген. Өзү жебей, тамагын башкаларга берген. Ал биз үчүн күнү-түнү дуба кылган. Кээде буту шишип кеткен, көзүнөн жаш ага берип кургап калган. Ал жамандык менен акырына чейин күрөшкөн. Мусулмандарга жана өзүнө карата адилетсиздикке чыдады. Анын сөзүн укпагандарга сабыр кылып, акыры дүйнөгө тынчтыкка, сүйүүгө толгон Ислам динин үйрөттү. Ал өзүнүн милдетин ийгиликтүү аяктады, эми кезек бизде.

Кантип? Албетте, анын жакшы адеп-ахлагын үлгү алуу жана аларды жашоо менен.

Чынчыл болсок, дайыма жылмаюу тартуулап, колубузда жардам, тилибизде билим, жүрөгүбүздө сүйүү болсо, Пайгамбарыбыздай жыпар жыт жыттайбыз.

Алла Таала: “Чындыгында, Алла жана Анын периштелери Пайгамбарга салават айтышат. Эй, ыйман келтиргендер! Силер да ага салам жана салават айткыла». (Ахзаб сүрөсү, 56-аят) дейт. Андыктан Пайгамбарыбызга салават айталы.

“Аллахумма солли алаа сайиидинаа Мухаммед, ва алаа аали сайиидинаа Мухаммед”

Муну билесиңерби?

Жума – момундардын майрамы. Ар жума күнү жума намазга барып, ал-абалыбызды сурашабыз. Жума күнү айтылган салаваттарды Пайгамбарыбыз угат. Ооба, ал биздин үнүбүздү угуп, «мен да сени жакшы көрөм» дейт.

Салават деген эмне? Анда айталы, Пайгамбарыбыз да уксун.

“Аллахумма солли алаа сайиидинаа Мухаммед, ва алаа аали сайиидинаа Мухаммед”

Кандай сонун! Пайгамбарыбыз баарыбызды укту! Башка күндөрү салават айтсак кандай болот? Башка күндөрү салават айтсак, Пайгамбарыбыз абдан сүйүнөт. Биздин ага салават айтып, эстегенибизди периштелер ага жеткирип турушат.



Бир тууган эки дуба

Пайгамбарыбыз бизге эки дуба үйрөткөн.
Биз ушул дубаларды айткан сайын аны эстеп турабыз.
Келгиле, бул дубаларды үйрөнөлү.

Аллахумма салли

اَللّٰهُمَّ صَلِّ عَلٰى مُحَمَّدٍ وَ عَلٰى اٰلِ مُحَمَّدٍ * كَمَا صَلَّيْتَ عَلٰى اِبْرَاهِيمَ
وَ عَلٰى اٰلِ اِبْرَاهِيمَ * اِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ *

“Аллахумма солли алаа Мухаммед, ва алаа аали Мухаммед, камаа соллайта алаа Ибрахим, ва алаа аали Ибрахим, иннака хамидун мажид”

Маани:

“Оо, Алла, Мухаммедге жана анын үммөтүнө мээримиңди төк, Ибрахимге жана анын үммөтүнө мээримиңди төккөнүңдөй. Албетте, сен мактоого татыктуусуң, атак-даңктын ээсисиң”

Аллахумма баарик

اَللّٰهُمَّ بَارِكْ عَلٰى مُحَمَّدٍ وَ عَلٰى اٰلِ مُحَمَّدٍ * كَمَا بَارَكْتَ عَلٰى اِبْرَاهِيمَ
وَ عَلٰى اٰلِ اِبْرَاهِيمَ اِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ *

“Аллахумма баарик алаа Мухаммед, ва алаа аали Мухаммед, камаа баарокта алаа Ибрахим, ва алаа аали Ибрахим, иннака хамидун мажид”

Маани:

“Оо, Алла, Мухаммедге жана анын үммөтүнө береке бер, Ибрахимге жана анын үммөтүнө береке бергениңдей. Албетте, сен мактоого татыктуусуң, атак-даңктын ээсисиң”

Өзүбүздүн алдындагы милдеттерибиз

Колубузду, бутубузду, көзүбүздү, жүрөгүбүздү, дагы көптөгөн органдарыбызды жана албетте акылыбызды да бизге ыроологон Аллага шүгүр кылалы. “Алхамдулиллах” (Аллага шүгүр) деп ооз менен эле айтып чектебейли. Алланын бизге берген денебизди жакшы, таза кармап дагы ага шүгүр кылып, рахмат айталы.

Денебизди оорулардан коргоо жана бул үчүн керектүү чараларды көрүү биздин милдетибиз. Ооруганда дарылануу да милдетибиз.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз айтат:

«Оо, Алланын пенделери! Дарылангыла. Анткени, Алла Таала берген ар бир оорунун шыпаасын да жараткан». (Ибн Маажа, Тыбб, 1)

Динибиз Исламда алкоголдук ичимдиктерди жана денебизге зыян келтирүүчү баңги заттарды колдонууга тыюу салынган. Ислам ден соолугубузга зыян келтире турган ар кандай жүрүм-турумдан сактанууну буйруган. Ден соолуктун кадырын аман-эсен убакта билип, ар дайым оорудан сак болуубузду талап кылган.

Бул үчүн

Таза болушубуз керек

Жалкоолонуп көп уктабашыбыз керек

Туура тамактанышыбыз керек

Колубузду, тилибизди, бутубузду жамандыктан сактоо да биздин милдетибиз. Кантип дейсиңерби? Чын сүйлөө менен тилибизди коргойбуз. Эч кимдин буюм-тайымдарын уруксатсыз албай колубузду коргойбуз. Жакшы иштерге чуркап бутубузду коргойбуз. Денебиз жамандыктан алыс болгондо, биз сүйүктүү адамга айланабыз.

Жамандык кылган жамандык көрөт!

Буга Курандан бир мисал:

Пайгамбарыбыздын агасы Абу Лахаб жана анын жубайы абдан жаман адеп-ахлактуу адамдар эле. Элдин артынан сүйлөп, ушак айтышчу. Жадакалса, жасабаган иштерди кылды деп, ар кимге жалаа жабышат эле.

Алар Пайгамбарыбызды да жалганга чыгарышты. Анын жолуна чоң тикенектерди чачышат эле, анын бутуна тикенек кирип, канжалап кетет эле.

Жаман жыттан улам башка жакка кетип калсын деп анын эшигине өлүп калган малдын ичеги-карындарын таштап коюшаар эле.

Пайгамбарыбыз аларга ар дайым жакшы мамиле кылган. Алардын кылганы туура эмес экенин айтып, дайыма эскерткен. Бирок алар укпай коюшкан. Алар жамандыктарын уланта беришкен. Ар бир жамандык өз ээсине кайтаарын билишкен эмес. Чындыгында алар өздөрүнө жамандык кылышкан эле.

Алла бизге аларды Куранда мисал келтирген. “Алардай болбогула” – деген. Жамандыкты ойлогон адам өзүнө жамандык кылат. Бейишти жоготот.

Бул окуяны сүрөттөгөн сүрө – Таббат сүрөсү. Келгиле, бул сүрөнү үйрөнөлү.

Таббат сүрөсү

بِسْمِ اللّٰهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

تَبَّتْ يَدَآ اَبِى لَهَبٍ وَتَبَّ (١) مَآ اَغْنَى عَنْهُ مَالُهُ وَمَا كَسَبَ (٢)
سَيَصْلَى نَارًا ذَاتَ لَهَبٍ (٣) وَامْرَاَتُهُ حَمَّالَةَ الْحَطَبِ (٤)
فِى جِيدِهَا حَبْلٌ مِنْ مَسَدٍ (٥)

Таббат йадаа Аби Лахаб. Маа агнаа анху маалуху
ва маа касаб. Сайаслаа наарон заата лахаб.
Вамроатуху хаммаалатал-хатоб.
Фий жийдихаа хаблун мин масад.

Бул сүрөдө эмне айтылат?

Таббат сүрөөсү, Таббат сүрөсү,
Ал 5 аяттан турат, 5 аят.
Меккеде түшүрүлгөн.
Пайгамбарыбыз айтып жатканда жакшылыкты,
акыйкатты,
Ташбоор Абу Лахаб ага таш ыргытты,
Ойлонбой туруп жалган айтты.
Бирок эмне болду? Колу кургап калды.
Эч жардам берген жок мал-мүлкү да, тапканы.
Ал эми анын отун ташыган, ушакчы аялы,
Мойнуна жип байланды,
Алоолонгон өрттө калды.
Өз колдору менен кылганды башы менен тартышты.

ДЕНЕБИЗДИН ТАЗАЛЫГЫ

“Тазалык ыймандын жарымы”. Даарат алуу менен денебиз тазаланып, жаркырап нурдуу болобуз.
Андан башка дагы эмнелерге көңүл бурушубуз керек?



Тырмактар!

Колубузду алакан тараптан караганыбызда, тырмактарыбыз манжабыздын үстүнө чыга баштаган болсо, демек, тырмактарды алуунун убактысы келди.

Андай болсо, тырмактарыбызды дароо алышыбыз керек. Эмне үчүн? Себеби тырмактарыбыз узун болгондо суу же тазалоочу каражаттар тырмактардын түбүнө жете албайт жана тазалай албайт. Мындан пайдаланып микробдор тырмактарыбыздын түбүнө жайгашып алат. Ал жерде өздөрүнө уя жасап, көбөйө башташат. Алар биздин колубузду өздөрү каалаган жерине жеткирүүчү унаа катары колдонушат. Колубуз оозубузга тийгенде оозубузга кирет, көзүбүзгө тийгенде көзүбүзгө кирет. Эгер досуңдун колун кармасаң, алар ага да өтүшөт. Ошентип, ар убакта бардык адамга микроб жугушу жана ооруп калышы мүмкүн. Кандай жаман, туурабы?

Тырмактарды алышыбыз менен ошол тентек микробдордун планын бузган болобуз. Колубузду дайыма жууп, даарат алып, жакшы жуунуп тургандыктан, алар манжаларыбызга уя сала алышпайт. Алар эч кимге зыян келтире албайт.

Дааратканада

Таза адам болуш үчүн дааратканада да кылдат болушубуз керек. Кантип?

Дааратканага барганыбызда жеген нерселердин зыяндуу жана пайдасыз бөлүктөрүн, микробдорду денебизден чыгарабыз.

Мусулман адам эч качан көчөдө, башкалар көрө турган жерлерде даарат ушатпайт. Эгер даараткана жок жерде болсок жана даараткана табууга эч мүмкүнчүлүгүбүз жок болсо, анда эч ким көрбөгөн көздөн далдоо жер таап даарат ушатса болот. Муктаждыгыбызды отуруп кетирген соң микробдор жана жаман жыттар айланага тарап кетпеши үчүн сөзсүз топурак менен жапканды унутпашыбыз керек.

Ажатканандын эшигинде: «Аллахумма иннии аъуузу бика минал хубси вал хабааис (Аллахым, ыпыластыктан Сага пана кылам)» деп айтабыз (Бухарий, Вуду 9; Бухарий, Даават, 54). Эшикти ачып сол бут менен киребиз. Туалет тапочкасын кийебиз. Алар туалетте кийүү үчүн гана. Шымдын багелегин өйдө түрүп, юбканын этегин өйдө чогултуп отурабыз. Кийимибиз жерге тийип кирдеп калбашы керек да, туурабы?

Отуруп акырын муктаждыгыбызды кетиребиз. Айланага чачыратпаганга аракет кылабыз.

Туалеттен оң бутубуз менен чыгабыз. Чыгаардан мурун сууну агызганды да унутпайлы, бизден кийин киргендерди иренжитпейли.

Чыккандан кийин “Гуфраанака йа Аллах (Кечире көр, оо Алла)” деп айта алабыз (Абу Давуд, Тахарат, 17).

Дароо колубузду жууйлу. Эч кир калтырбай таза кылып жууйлу. Мына эми, денебиз бардык ыпластыктардан арылды.



Келгиле, ойнойлу!

Ортого отургуч коюлат. Ар бир окуучу бирден чакырылат. Отургучтун жанына келген окуучу туалеттин эшигинде тургандай күтөт. Туалетке кирүү дубасын айтып, сол буту менен кирип, отургучка отурат. Бир аздан кийин “Бүттү” деп айтат. Ордунан туруп сууну агызгандай кыймыл кылса, окуучулар “Гуфраанака йа Аллах” деп айтышат. Жыпар жыт жыттагандай терең дем алышат. Сууну агызбай ордунан туруп кетсе мугалим: «Бул эмне жыт?» дейт да, өзү сууну агызгандай кыймыл кылып, “Гуфраанака йа Аллах” дейт. Жыпар жыт жыттагандай терең дем алат .

Ошентип ар бир окуучу ажаткана дубасын оюн ойноп жатып үйрөнөт.

Муну билесиңерби?

Ажатканада көпкө отурганга болбойт. Сүйлөшпөй, ырдабаш керек. Эмне үчүн? Анткени сүйлөй турган болсок же ырдасак ажатканадагы микробдор оозубузга кирип кетет. Тезек, заара микробдору тишибизге, тилибизге, кызыл өңгөчүбүзгө кирип, ичибизге кирет. Анан тамагыбыз, ашказаныбыз ооруй баштайт. Кудай сактасын.

Ошондуктан Пайгамбарыбыз ажатканада сүйлөшпөөнү, көпкө отурбоону насаат кылган. Эч кандай микробдор жана жамандыктар бизге жукпасын деп бизге даараткана дубасын үйрөткөн. Кандай сонун! Көрдүңөрбү, Пайгамбарыбыз бизди канчалык ойлойт.

Колуңду жуу, Бисмилланы айт!

Достор, Пайгамбарыбызды үлгү алып, ал сыяктуу жашагандар көптөгөн бейиш упайларына ээ болорун баарыбыз билебиз. Мындан ары тамактанып жатканда Пайгамбарыбызды үлгү албайлыбы, кандай дейсиңер?

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз кантип тамактанган?

Тамактын алдында колун жууп,

Отуруп **“Бисмилла”** деп айтып,

Тамактан оң колу менен алып,

Оозун ачып чайнабай,

Сүйлөбөй тамак жейт эле.

Тамактарды аралаштырып, биринин артынан бирин көп жечү эмес.

Ашказанын толтурбай жеп, **“Алхамдулилла”** деп дасторкондон туруп,

Колдорун жууп, тиштерин тазалайт эле.

Ошентип дени сак болуп жашайт эле.

Аны көргөндөр: «Пайгамбар (с.а.в.) ушунча аз жейт, орозо кармайт, анан кантип эле оорубай жүрө берет? Карачы, булчуңдары кандай күчтүү!» таң калышар эле.



Али тамактанып жатат

Али менен Айша: «Биз да Пайгамбарыбыздай күчүбүз көп жана ден-соолугу чың болгубуз келет», - деп калышты.

Анда, тамагыбызды Ага окшоп жейли. Бирок кантип?

Али: Мугалим эмне деген эле? Колубузду бири-бирине сүртүп «Оо Алла, тамак бер!» деп кыйкырат белек? Жок, жок... Мен түшүнбөй калдым окшойт... Эмне кылат элек?

Айша: Койчу, Али, ушундай да болчу беле? Колубузду жууп, “бисмилла” деп айтабыз.

Али: Ооба, туура. Анан ордубуздан туруп «ап» деп тамакты оозубузга салабыз, туурабы?

Айша: Жок, отуруп жешибиз керек.

Али: Дагы чаташтырдым... Ооба, тамакты отуруп сол колубуз менен жейбиз.

Айша: Жок, андай эмес... Оң колубуз менен жейбиз. Анткени оң колдо микробдорду жок кылуучу бактериялар бар.

Али: Аа, ошон үчүн Пайгамбарыбыз оң колу менен тамактанчу, туурабы? Макул анда, оң колум менен алып оозума тамакты толтуруп алам. Кандай гана ачкамын, ммм...

Айша: Эмне кылып жатасың, Али? Ошондой болчу беле? Аз да эмес, көп да эмес, кыйналбай чайнай ала тургандай салабыз.

Али: Оозумда тамак бар учурда сүйлөбөшүм керек, туурабы?

Айша: Албетте, кудай сактасын, кекиртегиңе тыгылып калышы мүмкүн. Андай болбосо дагы, оозубузда чайнаган тамак айланага чачырап кетиши мүмкүн. Бул абдан жаман көрүнүш!

Али: Макул, анда оозумда тамак бар учурда сүйлөбөйм. Тойдум окшойт, болду эми жей албайм.

Айша: Табагыңды сүннөт кылдыңбы, калтырбай жеп, табагыңды тазалап койдуңбу?

Али: Кантип?

Айша: Пайгамбарыбыз сыяктуу тамагыңдын баарын жеп бүтүп, алдыңдагы күкүмдөрдү жыйнадыңбы? Табагыңда тамак таштабашың керек, билесиңби?

Али: Мм, макул, тазалап койдум. (Ашказанын сылап) Оо, менин ичим шишип кетти.

Айша: Али, ал эмне дегениң? Тамак жеп бүткөндө “Алхамдулиллах” деп айтуу керек.

Али: Мен бүгүн баарын чаташтырып жатат окшойм. Туура, колум менен оозумду аарчып “Алхамдулиллах” деп айтышым керек эле.

Айша: Ай ай, Али, жең менен оозду аарчыйт беле? Колду жууп, тишти тазалоо керек. Сен бүгүн чындап эле жакшы эмессиң.

Али: А сен баарын эстеп калыпсың. Мен сени эч эле адаштыра албадым, баарын туура билдиң.

Айша: Демек, мунун баары сенин тамашаң экен да ээ, Али! Эми мен сага күнүңдү көрсөтөм, токто! - чуркай баштады.

Ал эми тамашакөй Али качан эле чуркап жөнөгөн.

Дене мүчөлөрүбүз

Мүчөлөрүбүздүн абалын билгиңер келеби?

Көмкөрөбүздөн жатканыбызда
дене мүчөлөрүбүз өзүн башы менен тургандай
же түйүлгөндөй сезет.
Эми ар ким өзүнө бир абал тандасын.
Мугалим “уктадым” дегенде ар ким өзү тандаган абалда
туруп калсын. Каалагандар колун көтөрүп, каалагандар колу менен
бутун кармап, каалагандар эңкейип турсун.
Мугалим “ойгондум” деп айтканга чейин ошол бойдон күтүп турсун.
Өзүңөрдү кандай сезип атасыңар?
Түн бою ошол бойдон калгыңар келеби?
Күнү бою силерге кызмат кылган мүчөңөрдүн
ошентип эс алышын каалайт белеңер?

Биз күн бою кыймылдаган сайын денебиз чарчайт.
Ойлонгонубуздан мээбиз чарчайт,
Тез-тез соккондон жүрөгүбүз чарчайт,
Жеген тамак-ашыбызды сиңирүүдөн ашказан, ичеги-карыныбыз чарчайт.
Уктаганыбызда аларды эс алдырган болобуз.
Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) уйкусу келгенде оң колун жаагынын астына коюп:
«Аллахумма бисмика амууту ва ахйаа (Оо, Алла, сенин атың менен уктайм, сенин атың менен ойгоном)» (Бухарий, Даават, 7, 8, 16) деп анан уктачу.
Оң капталыбыз менен жатсак, органдарыбыз өзүн ыңгайлуу сезет. Көмкөрөбүз менен жатсак же сол капталыбыз менен жатсак, алар тескерисинен туруп калып, бүгүлүп калат. Аябай чарчашып, эс ала албай калышат. Ошон үчүн эртең менен ойгонгондо “дагы бир аз уктайынчы, аябай уйкум келип жатат, эч эс ала албадым» деп айтышат.
Оң капталыбыз менен жатсак, мүчөлөрүбүз жыргап эс алат да, эртең менен ойгонгондо “Жашасын! Таң атты, кандай сонун күн. Мен бүгүн өзүмдү абдан жакшы сезип жатам» деп айтып калабыз.
Пайгамбарыбыз уйкудан ойгонгондо: “Алхамдулиллиллази ахйаанаа баада маа амаатанаа ва илайхин-нушур (Бизди уйкудан кийин ойготкон Аллага мактоолор болсун. Баарыбыз Ага гана кайтабыз)” (Бухарий, Даават 7, 8, 16.) деп айтып жаңы күндү сүйүнүч менен баштайт эле.

Али уктаганда

Апасы: «Али, караңгы кирди. Кана, жат эми. Эрте уктаган эрте туруп, көп нерсеге жетишет”, - деди. Али дагы бир аз отургусу келди, бирок ал да апасынын айтканын туура көрдү. “Макул апа, жарык түн” деди. Апасы менен атасы таң калгандай бири-бирин карап калды да, “Сен “Бейпил түн” деп айтайын дедиң беле?” дешти. Али: «Аа, ооба, бейпил түн» деп керебетин көздөй басты.

“Жатар алдында эмне кылыш керек эле? Бир жеримди щеткалап жуушум керек беле? Чачымды беле?” деп ойлоно баштады.

Эмнени щеткалап жууш керек эле? (Мугалим окуучулардан сурайт.)

«Ой, таптым, - деди ал ичинен, тиштеримди жуушум керек». Ал дароо тиштерин жууду. Пайгамбарыбыздай болуп тиштерди дайыма таза жуup жүргөн кандай сонун. Ошентип уктаар алдында даарат алды. Эми, анын бети-колу, буту таптаза эле.

“Мен эми даярмын, – деди да, керебетине жатты. Бирок бир нерсе жетишпей жаткандай сезилди. Ал дагы эмне кылышы керек эле? (Мугалим окуучулардан сурайт.)

“Аа таптым, - деди Али, - Уктаар алдында пальтому кийишим керек. Пальто... Жок... Көйнөк... Жок, жок... Ал да эмес... Эмне киймек элем? Аа, эми таптым. Пижамааа». Дароо пижамасын алып кийди. Көчөгө кийген кийим менен уктамак беле? Ал кийимдери күнү бою кир болду да. Ал таза жатып уктагысы келди.

Бутундагы тапочкасы менен керебетке секирди. Аны көргөн агасы:

«Ой, сен тапочка кийип уктайсыңбы? Сен аны менен канча жерди бастың. Ага чаң жукту, кир болду”, - деди.

Али: «Туура айтасың, байке. Аябай эле уйкум келип калган окшойт. Жанатан бери эле билгендеримди эстей албай, көп ката кетирдим. Мына чечтим”, - деп тапочкаларын чечип, бисмилла деп айтып төшөгүнө жатып алды.

Оң капталы менен жатып, үстүнө жуурканын жапты да «Кел, байке, бүгүн дубаны экөөбүз чогуу окуйлучу. Дагы адашып кетип дааратканa дубасын айтып албайын” деди күлүп.

Ата-энеси алардын «Аллахумма бисмика амууту ва ахйаа» деген сөздөрүн жылмайып угуп турушту. Дуба окуп бүткөндөн кийин акырын “Омийин” деп айтышты.

Силер билесиңерби?

Сууну бир дем менен ичпешибиз керек. Идишти оозубузга койгон бойдон суу түгөнгөнчө ичпешибиз керек. Жок дегенде үч дем менен ичүү керек. Суу ичип жатканда бир-эки ууртап, идишти оозубуздан алып, дем алып, дагы бир-эки ууртам ичип, кайра дем алып, анан үчүнчү жолкусунда тойгончо ичсек болот.

Сууну ушинтип ичүү ден-соолукка пайдалуу экенин жана чаңкаганды кандыра турганын Пайгамбарыбыз айткан. Ушинтип суу ичкенде өпкөбүз да кысылбай таза аба менен дем алат экен. Мындан тышкары, акырындык менен ичилген суу ооздогу түкүрүк менен жакшы аралашып, ашказаныбыздын оорудан алыс болушуна шарт түзөт. Суу ичсек да Алла бизди оорулардан сактайт. Пайгамбарыбыз сууну туура ичүүнү үйрөткөн. Кандай сонун!

Пайгамбарыбыз: «Суу ичип жатканда деминерди идишке чыгарбагыла» деген (Бухарий, Ашриба, 25). Анткени оозубуздагы микробдор ичкен сууга кирип, органдарыбызга кирип кетиши мүмкүн. Анан оорулар келет... Кудай сактасын!

Али менен Айшанын төө оюну

Али стаканга толтура суу куйду да, култулдатып ичe баштады. Аңгыча эле Айшанын: “Али, андай кылба, токто!” деген үнүн угуп чочуп кетип:

“Эмне болуп кетти, Айша? Эмнени кылбайын? Жөн эле суу ичип жатам. Мен орозо эмесмин го...

Айша: “Орозо эмес экениңди билем, сууну шашпай ич дейм. Төөгө окшоп ичип жатпайсыңбы...

Али: “Төөгө окшоп дейсиңби? Эмне? Мен төөмүнбү?”

Айша: Жок, албетте, сен төө эмессиң. Мен жөн гана «Сууну төөдөй болуп дем албай ичпегиле. Үч дем менен (токтоп-токтоп) ичкиле. Суу ичерде бисмилланы айткыла. Ичип бүткөндөн кийин алхамдулиллах деп айткыла» (Тирмизи, Ашриба, 13) деп Пайгамбарыбыздын айтканын эскертип койгум келди.

Али: “Ооба! Туура айтасың Айша, сен айткандан кийин эстебедимби. Мугалим бул хадисти айтып берген эле, унутуп калган турбаймынбы.”

Айша: “Анчалык кайгыба, мен да көбүнчө унутуп калам. Анда биз бири-бирибизге дайыма эскертип турсак, бул жакшы адатты калыптандыра алабыз, туурабы?

Али: “Ооба, туура айтасың”

Ата-энебиздин алдындагы милдеттерибиз

МЕНИН АПАМ, МЕНИН АТАМ

Ата-энелер!

Аларсыз кантип төрөлмөкпүз? Баарыбыз кичинекей наристе кезибизде Жаратканыбыздын уруксаты менен ата-энебиздин мээримге, сүйүүгө толо кучагында жашоого баштадык.

Ата-энебиз – бизге биринчи жол көрсөткөн,
Аздектеп багып, бизге баарын үйрөткөн.

Курандын бир аятында: «Биз инсанга өз ата-энесине жакшылык кылууну буйрудук. Энеси аны алсыздыктын үстүнө алсыз болуп көтөрөт. Аны эмизүү мөөнөтү эки жыл. Биз буйруганбыз: “Мага шүгүр кыл жана ата-энеңе рахмат айт. Кайтуу Мага гана” (Локман сүрөсүнүн 14-аяты) деп айтылат.

Алар биздин эң кымбат адамыбыз. Алар баарынан мурда, жада калса өздөрүнөн мурда бизди ойлошот, өздөрү жебей бизге беришет, өздөрү кийбей бизге кийдиришет.

Ооруп калсак түнү менен уктабай бизди карап чыгышат.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз бир хадисинде:

«Үч дуба шексиз кабыл болот: Кыйналгандын дубасы, коноктун дубасы жана ата-эненин баласына кылган дубасы» (Ибн Маажа, Дуба, 11) деп айтат.

Аларды бактылуу кылалы, батасын алалы, түбөлүк ийгиликке жетели!

Ата-энелерибиздин батасын алып, аларды ыраазы кылуу үчүн аларга үнүбүздү көтөрбөй жылуу-жумшак сүйлөшүбүз керек. Келгиле, аларга боорукер бололу, сыйлайлы, эч качан капа кылбайлы.

Башка адамдардын алдындагы милдеттерибиз

Саламдашуу адеби

Адамдарга салам берүү, жаныңа келгенде отурганга орун көрсөтүү жана өзүнө жаккан ысым менен чакыруу –ортодогу сый-урматты, жакшы көрүүнү бекемдейт.

Анда, эмнеге турабыз? Адамдардын жанына барганда, бир жерге киргенде, чыкканда, жолукканда, коштошкондо сөзсүз салам берели. Салам бергенибизде: «Ал мени жакшы көргөндүктөн мага салам берди» - деп кубанат. Ошентип ар ким бири-бирин таанып, бири-бирин сыйлай баштайт да, абдан жакшы чөйрө пайда болот.

Саламдашууну жайгыла

Али сабактан чыкканда: «Мени да адамдар жакшы көрсө экен» деп ойлоду. Анан мектепте, жолдо алдынан чыккан ар бир адамга салам бере баштады. Алгач баары таң калышты. «Бул бала ким?» кызыктай карап жатышты. Күн өткөн сайын Алинин салам бергени аларга да жага баштады, ал көрбөй өтүп кеткенде артынан кыйкырып «Ассалам алейкум, Али» деп жатышты. Ошентип аны көргөндөр жылмайып карай башташты.

Айша “Али, бул адамдар сени кайдан таанып жүрүшөт? Эмнеге баары сени жакшы көрүшөт?” - деп таң калып сурады бир күнү. Али эч камырабай: «Эсиңде жокпу, Пайгамбарыбыздын бир сөзү бар, мугалим айтып берген эле:

«Саламдашууну жайгыла» (Ыйман, 54).

Мен да ар кимге салам бердим, саламдашууну жайдым эле баары мени жакшы көрө башташты.

Айша: Андай болсо мен да эми дайыма саламдашып жүрөм.

Экөө бири-бирин карап жылмайып, үйлөрүн көздөй чуркап жөнөштү.

“Саламдашууну жайгыла. Саламдашууну жайгыла. Саламдашууну жайгыла” деп айтып баратышты.

Кээде адамдарга карата жүрүм-турумубузда;

Бир досубуз башка досубуз менен урушушубузду каалашы мүмкүн. Агабыз «кошунанын огородунда уруксатсыз ойнойлу, алар ачууланбайт» деп айтышы мүмкүн. Жолдон акча таап алсаң кээ бирөөлөр “сен таптың, эми сеники болду” деп айтышы мүмкүн. Эгер мындай иштерди Алланын жактырбай турганын, Азирети Пайгамбар кылбай турганын билсең,

деп айта алышың керек. Мына ушуну бизге Курандагы Кафирун сүрөсү үйрөтөт.

Кафирун сүрөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

قُلْ يَآ اَيُّهَا الْكَافِرُونَ (١) لآ اَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ (٢) وَلآ اَنْتُمْ عَابِدُونَ مَآ اَعْبُدُ (٣) وَلآ اَنَا عَابِدٌ مَا عَبَدْتُمْ (٤) وَلآ اَنْتُمْ عَابِدُونَ مَآ اَعْبُدُ (٥) لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِيَ دِينِ (٦)

“Кул йаа аййухал каафирун. Лаа аъбуду маа таъбудун. Ва лаа антум ъаабидууна маа аъбуд. Ва лаа ана ъаабидун маа ъабадтум. Ва лаа антум ъаабидууна маа аъбуд. Лакум дийнукум ва лийа дийн”.

Бул сүрөдө эмне айтылат?

Кафирун сүрөөсү 6 аяттан турат, 6 аят, Меккеде түшүрүлгөн. “Кел, биздин динибизге 1 жыл, сенин диниңе 1 жыл ишенели, Мына ошентип келишели” дешти. Пайгамбарыбызды алдагылары келди. Ал “Алладан сурайын” – деди. Себеби, эң жакшы жоопту бир гана Алла берет. Жараткан ошондо “Кул йаа аййухал Кафирун!” деди. Силердин диниңер өзүңөргө, а биздин динибиз өзүбүзгө, Силердин жазаңар өзүңөргө, биздин сыйлыгыбыз (белегибиз) өзүбүзгө.

«Адамдардын эң жакшысы – адамдарга эң пайдасы тийгени».

(ал-Жаамиъус-сагир, II, 10)

«Жардам сурагандарга жардам бергенди Алла жакшы көрөт».

(Ибн Асакир)

«Ким дарак тиксе, Алла ага анын мөмөлөрүндөй сооп берет».

(ал-Жаамиъус-сагир, 1495)

«Сахабаларым! Оорулууларды зыярат кылгыла, курсагы ачкаларды тойгузгула”.

(Бухарий, Марда 4; Абу Давуд, Жанаиз 11)

«Кичүүгө ызаат кылбаган, улууларды сыйлабаган бизден эмес».

(Абу Давуд, Адаб, 66)

Акчүч!

«Алла пендесинин чүчкүргөнүн жакшы көрөт, бирок эсинегенин жактырбайт. Эй момундар, эгер силердин бирөөңөр чүчкүрүп, Аллага мактоо айтса, аны уккан ар бир мусулман «Ярхамукаллах» деп жооп берсин». (Бухарий, Адаб, 125,128; Муслим, Зухд 56)

Денебиздеги бизди оорута турган микробдорду чүчкүрүү аркылуу чыгарабыз. Чүчкүргүбүз келип туруп, аны токтотуп кармап калсак, микробдор мээбизге, өпкөбүзгө кирип, бизди шал калып коюшу мүмкүн. Ошентип кыймылсыз жашоого туура келип калышы мүмкүн. “Оо, Жаратканым, бизди кандай сонун жараткансың. Чүчкүрүү аркылуу микробдордон арылабыз. Сага рахмат” деп айтуу үчүн чүчкүргөндө “Алхамдулиллах” дейбиз.

Пайгамбарыбыздын сахабаларынан Абу Хурайра (р.а.) айтат: «Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) чүчкүргөндө колунун арты же кийиминин бир тарабы менен жүзүн жаап, үнүнүн катуу чыгуусун тосчу.” (Абу Давуд, Адаб 90) дейт. Карагылачы, Пайгамбарыбыз канчалык акылман, бир жагынан элдин тынчын алгысы келген эмес, бир жагынан микробдордун адамдарга жугушунун да алдын алган.



Чүчкүргөндө оозу-мурдубузду жүз аарчы же колубуздун аркасы менен жаппасак микробдор айланабыздагы адамдарга өтүп кетиши мүмкүн.

Анан алар да ооруп калышат. Кудай сактасын. Биздин кайдыгерлигибизден улам эч ким оорубасын.

Жалкоолук микробу

Али: «Чүчкүргөндү го түшүндүм. Чүчкүргүбүз келгенде токтотуп калбайбыз, чүчкүрөбүз. Оозу-мурдубузду колубуз менен тосуп, микробдорду айланага жайбайбыз. Бирок Алла Таала эсинегенди эмне үчүн жактырбайт? Эсинегенде да микробдор жайылабы? А мен уйкум келгенде дайыма эсинейм да” - деп кызыгып сурады.

Мугалим жылмайып жооп берди: “Ооба, Али, эсинегенибизде жалкоолуктун микробдору айланабызга жайылып кетет.”

Бүт класс таң калды. Мындай микроб жөнүндө баары биринчи жолу угуп жатышкан эле. Ал кандай микроб болду экен? Баары ойлонуп гана туруп калышты. Мугалим мындай деп түшүндүрө баштады:

«Эсинегенибизде айланабыздагы адамдарга чарчоо сезимин жайабыз. Анан алар да эсинеп, өздөрүн жаман сезе башташат. Алаксышып, кылып жаткан иштерине көңүл бура албай калышат. Атүгүл адашып кетип иштерин туура эмес кылып алышы да мүмкүн. Ошон үчүн эсинегенибиз келгенде мүмкүн болушунча токтотуп калганга аракет кылабыз. Жалкоо болуп калбашыбыз жана айланабыздагы адамдар да өз ишин мыкты аткарышы үчүн ушундай кылышыбыз керек.”

Али: «Эмнеге мен эсинегенде иним, апам, атам, чоң атам жана чоң энем да эсиней баштаганын эми түшүндүм. Эсинесем алардын баарынын уйкусу келе баштайт эле. Апамдын жумушу, чоң атамдын жомоктору да үзгүлтүккө учурайт эле» деди. Аны укkан класстагы балдардын баары күлүп калышты.

Тамаша

Бир күнү Али «Айшаны бир тамашалайын» деп ойлонуп калды. «Эмне кылсам экен? Айшаны кантип таң калтырсам экен?» деп ойлой баштады. Бир маалда бир ой келди. Аябай кызыктуу тамаша тапты окшойт, кудуңдап сүйүнүп калды.

Айша бир досу менен ойноп жатканда, акырын анын партасын көздөй жөнөдү. Анын үй тапшырмасын жазган дептерин алды да, эч кимге көрсөтпөй катып койду. Мугалим келгенде баары үй тапшырмасын көрсөтө баштады. Аңгыча Али: “Эжеке, Айша үй тапшырмасын аткарган эмес окшойт, карасаныз, дептери жок экен” деп калды. Муну укkан Айша дептерин издей баштады, бирок таппады. “Эжеке, мен чын эле тапшырмамды аткаргам, бирок дептеримди таппай жатам” - деди да, шолоктоп ыйлай баштады.

Айшаны мындай абалда көргөн Али чыдай албады окшойт, ордунан ыргып туруп: «Тамашаладым! Карачы, мына үй тапшырмаң, Айша!» деп дептерди бере салды. Дептерин тапкан тапкан Айша: «Мына, мен айтпадым беле, тапшырманы аткардым дебедим беле!” деп сүйүнүчү койнуна батпай кыйкыра баштады.

Мугалим: «Али, адамдардын бири-бирин коркутушу жакшы эмес! Пайгамбарыбыз: «Адамдарды күлдүрүү үчүн жалган айткан адам кандай жаман!» (Абу Давуд, Адаб, 88) деп айткан. Ошон үчүн тамашабыз да чын болушу керек жана башка адамды кыйын абалга салбашы керек».

Али кылганынын туура эмес экенин жана Пайгамбар эмнени айткысы келгенин эми жакшыраак түшүндү. Акырын Айшага жанына келип «Кечирип койчу, Айша. Мен жөн гана тамаша кылгым келген болчу”.

Айша көзүнөн аккан жашын аарчыды да: “Макул, бирок экинчи андай кылбагын, Али, мен аябай коркуп кетпедимби” деди.

ЖҮЗҮНӨН ЖЫЛМАЮУ КЕТПЕГЕН ПАЙГАМБАР

Пайгамбарыбыздын достору ал жөнүндө айтып жатышканда: «Биз Пайгамбардан көбүрөөк жылмайган эч кимди көргөн эмеспиз. Пайгамбардын күлкүсү келгенде дайыма жылмайып койот эле” деп айтышат.

Пайгамбарыбыз адамдардын жылмайып жүрүүсүн каалайт эле. Аларды сүйүндүрүү үчүн тамашалашчу. Жада калса достору: «Оо, Алланын Элчиси! Сен бизди тамашалап жатасың го!” деп айтышканда “Тамаша болсо да мен чындыкты гана айтам!” (Тирмизий, Бирр 57) дейт эле.

Керек болсо:

«Өзү туура болуп турса деле талашып-тартышуудан алыс болгон адамга бейиштин четинен бир үй кепилдик берем. Тамаша болсо да, калпты таштагандарга бейиштин ортосунан, адеп-ахлагы жакшы болгондорго бейиштин эң жогорусунан үй кепилдик берем» деп айткан (Бухарий, Даават 60; Муслим, Зикир, 70).



БААРЫ МУСУЛМАНГА ИШЕНЕТ

Мусулман – колу менен да, тили менен да зыян бербеген адам.

Ар бир көргөнүн, ар бир укканын бардык жерде эле айта бербейт.

Адамдар мени жакшы көрсүн,

Акчам көп болсун,

Дагы көбүрөөк тамак жеп алайын, деп туура эмес сүйлөбөйт, туура эмес иш кылбайт.

Ошондуктан ага баары ишенет.

«Мусулман адам эмнени айтса, ошол чын, туура» дешет, анын айтканын кылышат.

Албетте, мусулман адамдар да кээде адашып, ката кетириши мүмкүн. Ал жаман адамдардын сөзүнө кирип кетиши мүмкүн. Алла бизге эки сүрө үйрөткөн. Мына ошолорду окусак, жамандыктардан сактанабыз. Кандай сонун!

Коргоочу сүрөөлөр

Келгиле, бул сүрөлөрдү үйрөнөлү.

Фалак сүрөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

قُلْ اَعُوذُ بِرَبِّ الْفَلَقِ (١) مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ (٢) وَمِنْ شَرِّ غَاسِقٍ

اِذَا وَقَبَ (٣) وَمِنْ شَرِّ

النَّفَّاثَاتِ فِى الْعُقَدِ (٤) وَمِنْ شَرِّ حَاسِدٍ اِذَا حَسَدَ (٥)

“Кул аъуузу би роббил-фалак. Мин шарри маа холак. Ва мин шарри гоосикин изаа вакоб. Ва мин шаррин-нафаасаати фил-ъукод. Ва мин шарри хаасидин изаа хасад”

Бул сүрөдө эмне айтылат?

Фалак сүрөсү 5 аяттан турат, 5 аят. Мадинада түшүрүлгөн. Пайгамбарымды кызганышты, жаман көз менен карашты. Алла Таала сүйүктүү элчисин ал жамандыктардан сактабайбы? Ал айтты: Мага, таңдын жаратуучусуна баш калкалагыла, Ал жараткан нерселердин жамандыгынан, Караңгылыктын жамандыгынан, Көрө албастын жамандыгынан Мага баш калкалагыла! Адамдардын Жаратуучусуна!

Нас сүрөсү

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

قُلْ اَعُوذُ بِرَبِّ النَّاسِ (١) مَلِكِ النَّاسِ (٢) اِلٰهِ النَّاسِ (٣)

مِنْ شَرِّ الْوَسْوَاسِ الْخَنَّاسِ (٤) اَلَّذِى يُوَسْوِسُ فِى صُدُورِ

النَّاسِ (٥) مِنَ الْجِنَّةِ وَالنَّاسِ (٦)

“Кул аъуузу би роббин-наас. Мааликин-наас. Илаахин-наас. Мин шаррил-васваасил-хоннаас. Аллази йувасвису фи судуурин-наас. Минал-жиннати ван-наас”

Бул сүрөдө эмне айтылат?

Нас сүрөсү 6 аяттан турат, 6 аят. Мадинада түшүрүлгөн. Ихлас, Фалак, Нас. Бул үчөө Муаввизат деп аталат. Бардык жамандыктан, азгыруучулардын жамандыгынан, адамдардан жана бардык нерседен Жаратканга баш калкалайлы. Дайыма бул сүрөлөрдү окуп жүрөлү.

КАНИКУЛГА ЧЫГАБЫЗ!

Али менен Айша бири-бирине жылмайып карашты. Экөө тең бири-бирине “каникулду жакшы өткөр, жакшы эс ал, эми сени сагынам” деп айтышып, коштошушту.

Али: «Апа, мен мугалимимди жана досторумду абдан сагынам. Мен алардан өтө көп нерсе үйрөндүм, сонун, кызыктуу күндөрдү өткөрдүм» деди. Апасы: «Мектепке биринчи барган күнүң эсиңдеби? Аябай толкунданган сың! Бисмилла деп айтып окууну баштадың эле, карачы, аябай көп нерсени үйрөндүң» деди.

Али: «Ооба, апа, менин абдан жакшы досторум бар жана пайдалуу маалыматтарды үйрөндүм», - деди.

Апасы: “Эми сен үйрөнгөндөрүңдү унутпашың керек” деди.

Алинин “Кантип?” деп сурагысы келгенин байкай калган апасы: “Үйрөнгөндөрүңдү аткарып жүр” деп айтты жылмайып.

Али болсо эчак эле Алланын ысымдарын ичинен санай баштаган. Жүзүн жылмаюу басып, оозунан салам айтканды түшүрбөй, бактылуулуктун асманында учуп бара жатты.

ЭСКЕРТҮҮ

ЭСКЕРТҮҮ



ЭСКЕРТҮҮ

ЭСКЕРТҮҮ